С(Кырг)
А34

Алтынказ Ажымудунова




# МЕЗГИЛ ЗАКЫМДАРЫ

С(Кырг)
А34

АЛТЫНКАЗ АЖЫМУДУНОВА

# МЕЗГИЛ ЗАКЫМДАРЫ

*Ырлар*



«Бийиктик»
Бишкек – 2009

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
А 38

Ажымүдүнова Алтынказ.
А 38 Мезгил закымдары. Ырлар. – Б.: «Бийиктик», 2009. – 128 б.

ISBN 978–9967–13–412–6

Акын – Алтынказ Ажымүдүнованын бул китебине ар кыл темадагы жазылган ырлары топтоштурулду.

РЮБ Кыргызской Республики
ИНВ. № 464913
464913

А 4702300100 – 09
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

ISBN 978–9967–13–412–6
© Ажымүдүнова А., 2009.

# ТАЛАНТ БУЛ – КУДАЙДЫН БЕРГЕН БЕЛЕГИ

Ак элечек кийип керилген,
Ак эмгегиң кайтып териңден.
Акын – деген атты кастарлап,
Ак батаны алып теңирден.
Алтын эже! Чыктың буралып,
Ак-Талаадай кутман элиңден.

*Ак-Талаада бизди ажы уулу деп коюшат. Бабабыз Койбагар XX кылымдын башында Меккеге барып, чежеге башын койгондо эле жан берип, сөөгү ошол ыйык жерге коюлган экен. Койбагардын Карабай, Чалик, Алик, Алымбай аттуу уулдарынан тараган урпактары Ак-Талаада жана Кыргызстандын булуң-бурчтарында иштеп, жашап ар кыл кесипте элге кызмат өтөп келишет.*

*Мына ошол Чалик атабыздын небереси Ажымүдүн кызы Алтынказ эжебиз кесиби боюнча «фельдшер» өр таяп, 80 жаштан өтүп, көп жылдар бою поэзия менен алпурушуп, ыр жазып келет. Көпчүлүк ырлары гезит беттеринен жарык көрүп элге тартууланган. Бүгүн «Мезгил закымдары» – деген ат менен алгачкы китебин басмадан чыгарып отурат. Өнөрдү ыйык тутуп, артымда элиме өлүү дүйнө эмес, жан дүйнө байлыгын калтырайын деп, пайгамбар жашында жасаган аракети турмушка тири карак ой жүгүрткөн ар бир адамды кайдыгер калтырбай кубантат. Мен дагы өнөр, талантты аздектеген адам катары Алтынказ эжемдин ушул багыттагы жасап жаткан улуу ишин кош колдоп кубануу менен кабылдадым.*

*Эжеме, чың ден соолук, бактылуу карылык, чыгармачылыктагы ийгиликтерди каалоо менен Ажы бабабыздын арбагы дайыма колдоп, жөлөп-таяп жүрсүн деген ак тилегимди билдирмекчимин.*

***Жалил СЫДЫКОВ,***
***Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, обончу, акын.***

## ОРОШОН ТАЛАНТ – ОРГУГАН БУЛАК

*Колума капилеттен Алтынказ Ажымудунова апанын ырлары тийип олтурат.*

*Алмуздактан аздектеп, көөдөнүнө кыттай уютуп, кастарлап келген таланты жай бербей, жарык көрүүнү самап, ай-күнүнө жеткендей...*

*Ал эми автор жаш энедей толгоо тартып, эл сынына, эл таразасына бир өмүр тете аздектелип, аяр сакталган ыр перзентин тартуулаганы турат.*

*Акын апанын ырларында оюндагы берейин деген идеясын элге жеткирүүгө, окурмандар сынына коюуга болгон далалаты байкалат. Бирок, бир байкаганым, автордо жазма акындыкка караганда, төкмө акындык жакшы өнүккөндөй. Себеби, кошок ырлары, арноолору, сүрөттөөлөрү эркин төгүү формасында гана ары жандуу, ары элестүү ары шыдыр ыргактары ачык байкалат. (М.: «Кошок», «Апакем» ж. б. ырлары).*

*Шибегени капка катууга болбогон сыңары, апанын орошон таланты оргуп, булактай агылып чыгып отурат. Ичтен чыккан ийри жылан эмеспи. Эми калганын өзүңүз саресеп салып, окуп коюңуз, улуу окурман журтум!*

***Махаббат МОЛДАЛИЕВА,***
***Эл аралык «Шабыт» фестивалынын лауреаты, журналист-акын.***



Алтынказ апа небереси менен.

## ТИЛЕНЕМ ЭЛДИН БАКТЫСЫН

Кудайдын барлыгын, бирлигин билип,
Тобо кылалы Кудайга башыбызды ийип.
Баарыбыз Мухаммед пайгамбарыбыздын
үммөтүбүз,
Калганча башыбыз жерге кирип.
Байыртан келаткан кыйладан,
Улууну урматтап кичүүнү сыйлаган.
Салтыбыз алыстап кетиптир,
Адеби жок адамдан кыйналам.
Духубуз жакшылык мүдө турат,
Жаз менен көңүлгө нур жаадырат.
Ниет пейил бириксин көктөм болуп,
Тилегим ак батам ак кушум,
Сыйынып тилейм күн жакшысын.
Тынчтыкта баары аман болсо деп,
Суранам элдин бактысын.

## КАРЫЛЫК

Улгайган кез үшкүрүктү күчөтөт,
Кайран жаштык каңырыкты түтөтөт.
Өмүр жолу өйдө-төмөн бурулбай,
Мынча неге, мынча неге тез өтөт.

Карыбайм деп кандай киши айталат,
Карылыгы барган сайын байкалат.
Элүүдөн өтүп алтымышка барганда
Өтөт экен баштан кыйын салтанат.

Мен карыдым келин бойдон керилбей,
Гүл да соолуйт гүлкайырдай кезиндей.
Мээнетиңе дөөлөтүңө ишенбе,
Өмүр деген өтөт экен билинбей.

Бала дейбиз баланы биз багабыз,
Барды жокту кайдан болсо табабыз.
Уул үйлөнүп кызы кетсе турмушка,
Баягы эле байкуш эне калабыз.

Кызың кетсе күйөөсүнө эркелеп,
Уулуң кетсе келинчегин жетелеп.
Жаш улгайың карып калган кезимде,
Өзүм калдым жалгыз уйдай темселеп.

Жердин болоор ой-чуңкуру, тегизи,
Суунун болоор терең, тайыз деңизи.
Бул турмушта өйдө-төмөн көп болот,
Анткени адам бул жашоонун негизи.

Канча жолу жалбырактар тонолуп,
Жаз келгенде бүчүр алып, оңолуп.
Жаз сыяктуу ар бир жылда биз дагы,
Бакубатта, бактылуу адам бололук.

Алтындай бир көлкүлдөп бир эриген,
Ак сууну аркалатып бизге берген.
Кенч экен дарыя суудай керилбеген,
Жаш курак ар кимге буйруп келген.

Кээде мен жалгыз жүрүп ойлоп калам,
Мен сенсиз кандай болуп калаар элем.
Ар бир ишти өткөрдүм турмушуман,
Карып кеттик күн айдын жылышынан.

Бүгүн чыктым эртерээк жумушумдан,
Башаттын эмгектин пайдасынан.
Алтындай бир көлкүлдөп бир эриген,
Жаш куракты ар кимге жаратылыш
Бирдей берген.

## АК-ТАЛАА

Аскасы бутун оронгон,
Адыры сайма жеримдин.
Эмгектен тапкан байлыгы,
Ырыскылуу элимдин.

Өчпөс нур тийген күн менен,
Алга карай башталды.
Оболоп учуп туйгундай.
Көп жылды артка таштады.

Эмгек эри доордун алтын кушундай,
Турмуш деген кыял эмес упіундай.
Таалайлуу элим Ак-Талаа
Болсо экен дайым ушундай.

Ырыскынын уюткусу береке,
Тунук суу аппак булактан.
Туйлатып жүрөк кубанткан
Таалай үйү татынакай кең Мекен.

Көзү курч көкүрөгү бек уулдары,
Пейли кең берешен калк адамдары.
Ак-Талаа касиетиңден айланайын,
Сыйла, сүй бакыт берген замананы.

Түшүнгүлө дыйкан чарба касиет,
Дыйкан күчү адал эмгек ак ниет.
Таза жүрсөң адамдыкта байлыкта,
Бакыт сага өзү келип баш иет.

## МЕН ООРУП БОЛЬНИЦАГА ЖАТКАНДА

Мен оорусам үйдөгүлөр кошо ооруп,
Калаар кезде бул оорудан жаш соолуп.
Болгон күчүн аябастан күнү-түн,
Врачтар мага тартуулады ден соолук.

Келген элем баш көтөрбөй жөтөлүп,
Улам тынып бир ийнимди көтөрүп.
Айыктырды бир аз күндө дарылап,
Бул врачты улукман деп сеземин.

Дагы келдим кайрадан араң чыдап,
Ак шейшепке кайрадан боюм сылап.
Чоң аттап оорукана босогосун,
Дагы мен больницада болдум чыдап.

Оорунун түшүп торуна,
Мен келдим доктур колуна.
Энекемдей мээримдүү,
Медиктердин колу да.

Жаш кезимде жармашып мага илдет,
Жан теримди чыгарып жан кейитет.
Кыйналып турган кезде дем кыстыгып,
Жашоодон безип эле кетким келет.

Бир канча оору болбосо
Билинбейт экен жаш чагың.
Бул оорунун айынан,
Былтыр да бир ай жаткамын.

Башынан мурун ойлонуп,
Дарыланбай бекер биз.
Баарыбызды сурашсак,
Башка чукак экенбиз.

Көңүлдү басып кирдеткен,
Айыктык катуу илдеттен.
Эмгегиң элге арналган,
Доктурга рахмат жүрөктөн.

## СОҢ-КӨЛГӨ ФЕЛЬДШЕР БОЛУП БАРГАНДА

Күркүрөп жаан төгүп мунарык,
Жердин бетин тозуп алат ынагым.
Жыл санатып салыштырып ойлорун
Окуганда сырдуу тарых беттерин.
Учуп күйүп ызаланып томсоруп,
Угалбасмын шыбырашкан кептерин.

Башымдан өткөн күндөрүм
Атактуу Соң-Көл жайлоого.
Малчыны тейлеп үч жылы
Фельдшер болуп баргамын.
68-жылы жаңыдан,
Окуумду мен да бүткөмүн.
Ал кезде жол салына элек Соң-Көлгө,
Нарын менен айланып,
Сары-Булак менен көчкөмүн.

Жер болбос мындай көркөмдүү,
Сагындым абдан Соң-Көлдү.
Адырын өскөн көктөмдүү,
Ак куулар сүзгөн Соң-Көлдү.

Мен Соң-Көлдү ойлосом,
Көңүлүм магдырап барат.
Барсам деп ойлосом, жүрөк дегдеп,
Көңүлүм сергип жыргал табат.

Ой-кырына көп жайган талаасына,
Бир барган адам сергип калат.
Гүл жыты буркураган абасына,
Кут конгон ушу Соң-Көлдү,
Кут кылсын адам баласына.

Чар тарабы даана көрүнгөн,
Ак куу сүзүп турар эле көлүңдөн.
Түшүмө кирсең бир ажайып
Жүргөнсүймүн ышкын терип төрүңдөн.

Бир көргөндү нечен жолу чакырып,
Таңкы чолпон жаркыраган кутундай.

Тамшандырган сагынтып,
Соң-Көл жайлоо ушундай.

Эмгектен тапкан байлыгын,
Ырыскылуу элимди.
Барган жан ойлоп сагынат,
Мейман дос гүлдөп жаткан жериңди.

Далай майрам бу Соң-Көлдөн башталат,
Тирек болуп эмгекчи элдин багына.
Өмүрдүн алтын булагы
Өлкөмдүн өчпөс чырагы.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУ ЭСКЕРҮҮ

Ким билбесин асмандагы жылдызды,
Дүңгүрөтүп,
Дүйнөгө бүт көрсөттү кыргызды.
Сени менен элиң сыймыктанат, кубанат,
Ар адам жүрөгүндө эч унутпайт Чыңгызды.

Китептериң таралып чет өлкөгө,
Дүйнөдөгү ар бир тилге которулду.
Тагдыр ушул турбайбы
Алып кетти, шум ажал,
Арабыздан бул залкар адамды.

Асмандагы жылдыздан,
Атагы чыккан кыргыздан.
Көктөгү турган жылдыздан,
Көрүнө чыккан кыргыздан.

Алтынды чапкан калайга
Атагы кеткен далайга.
Күмүштү чапкан калайга
Күлпөтү кеткен далайга.

Жакшыдан жакшы иргеген,
Жакшы адам элең эл билген.

Жараткан Кудай жар болуп,
Ушул жалган дүйнөгө,
Жападан жалгыз бир келген.

Кара суунун булагы,
Калкыңдын элең чырагы.
Эгемендин булагы,
Элиңдин элең чырагы.

Чогуусу элең жылдыздын,
Чолпону элең кыргыздын.
Сулуусу элең кундуздун,
Султаны элең кыргыздын.
Эмгегиң тийди калкыңа,
Жаркыраган күнгө окшоп.
Айла жок эми келбейсиң,
Булутка кирген айга окшоп.

Ак волга миндиң чалкалап.
Алтынды алдың талкалап.
Алтынды алып шум ажал,
Сени койсо боло калкалап.

Көк волга миндиң чалкалап,
Күмүштү таптың талкалап.
Күмүштү алып куу ажал,
Сени койсо болмок калкалап.

Каалгып учкан куш элең,
Калайык калкка кут элең.
Элирип учкан куш элең,
Эл журтуңа кут элең.

Жүгөнү элең буудандын,
Жүрөгү элең туугандын.
Камчысы элең буудандын,
Кайраты элең туугандын.

Жакшы жүргөн адамга,
Жакшы жышаан болот дейт.

Жараткан Кудай колдосо,
Жаннаттан орун берет дейт.

Ак кардуу тоонун арасы,
Ак шумкардын баласы.
Алты ооз сөз айтпай,
Акырет кетти карачы.

Боз ала тоонун арасы,
Боз шумкардын баласы.
Беш мүнөт туруп сөз айтпай,
Бозортуп кетти карачы.

## КОШОК

Аяктай таштын алдында
Алтының калды бирикпей.
Алты катар жердин алдында,
Жатасың кантип эрикпей.
Коноктой таштын алдында,
Күмүшүң калды бирикпей.
Туюк бир жердин алдында,
Жатасың кантип эрикпей.

Кыска болуп өмүрүң,
Жазылган экен ааламда.
Өлүм чиркин чын экен
Жан жаныбар адамга
Жан кутулуп кеткен жок,
Жаралганда ааламда.
Нечен асыл туулуп,
Нуру жерге төгүлгөн.
Калганы ыйлап артында,
Кара жашка көмүлгөн.
Канымдан кеттиң бөлүнүп,
Калтырбай тууган көңүлдөн.
Артыңда калган балдарың,
Аман болсо эр жетер.
Эңкейтип менден күч кетер,
Өзөн суугa тал бүтөөр,
Өлбөгөнгө күн өтөөр.

Кара кыл ылдый көч келет,
Карчыгаң шаңшып бош келет.
Карчыгаңдын караңдай жалгыз боосу бар,
Караңгы жайдан тосуп ал.
Күндөр бир күндөр күн өтөөр,
Күндүн бир загы сага өтөөр.
Кулпунтуп баккан балдарың,
Апакем кайда жүрөт деп,
Сагынып жүрүп күн өтөөр.
Жорго элең жолго айдаган,
Булбул элең сайраган.
Бул дүйнөдөн жаш кеттиң,
Карыганда шорум кайнаган.
Адамдын көңүлүн оорутпас,
Деңиз элең жайнаган.
Сенден адамдын көңүлү калбаган.
Өйдө чыкса өбөгүм,
Ылдый түшсө жөлөгүм.
Аргасыз өлүм айрыды,
Кош эми, менин бөбөгүм.
Жалпы жанды бир көргөн,
Чайпалбаган көл элең.
Адамдар ашып өтө алгыз,
Ашуусу бийик бел элең.
Бирөөдөн көрсөм жамандык,
Бир боорум бар дээр элем.

Барсам базар, келсе кенч,
Түгөнбөгөн кен элең.
Ошол кенди ким алган,
Алтындай болгон боорумдан,
Ажыратты шум жалган.
Кайра чыккан терегим,
Кайраным боорум беренім.
Калкыңа тийчү керегиң.
Кашыңа барып какшасам,
Камыгып чыкпайт дарегиң,
Саламат болсун ыйманың,
Сандыкка салдың жыйганың.

Артында калган уулуң бар
Талаага кетпейт жыйганың.
Тушумдан сынган терегим,
Тууганга тийген керегим.
Капшыттан сынган терегим,
Калкына тийген керегиң.
Түшүмдө сынган казаным,
Түгөнду менин базарым.
Апакем көзү өткөн соң,
Күнүгө сынаар назарым.
Кайрылышта кең болот
Кайрылып барып эл конот.
Кайрылып мында биз келсек,
Кадырды билген ким болот.
Костюмуңду ким илет,
Кадырыңды ким билет.
Ичигимди ким илет,
Ички сырымды ким билет.

# АР КЫЛ ТЕМАДАГЫ ЫРЛАР

## АК НАН

Кысымчылык жылдар эле,
Биз чыт курсак балдарбыз.
Сапырып саман ичинен,
Бир кочуш буудай табабыз,
Жарма жасап аны ичип,
Эптеп жанды багабыз.

Дандын мындай көп болоору,
Угулчу бизге жомоктой.
Азыр билбей аны айрымдар,
Нанды ыргытат тоготпой.

Ыксыз эле кор көрбөсөк,
Нанда өлкөнүн байлыгы.
Таштабасак таштандыга,
Анын бир да калдыгын.

Ачкычы ак нан бактымдын,
Барктаймын жана сыйлаймын.
Жашоомдун ал булагы,
Нансыз жашай албаймын.

## АК БУУДАЙ

Ак буудай асыл турбайбы,
Талаага бир тал калтырбай,
Ак буудайды жыйнайлы.

Мурунку союз убакта,
Буудай айдап, кампаларды толтуруп,

Түрлөнтүп жазап ак нанды,
Дүкөндө сатчу олтуруп.

Бул кара нан экен, ак нан бер деп,
Нандан кашек чыгарып,
Бул кургак нанды катык деп,
Жебей аны кумайыкка берчү чыгарып.
Нанды жебей калдык кылып калтырып,
Аябай кесир кылышып.

Он беш сомго эми бир нан алабыз деп
Дүкөндөрдө катарга тизилип турушту,
Ысырап кылган жаман турбайбы,
Экинчи мындай кылбайлы.

Аңызда толуп баш калды,
Кампалар толбой бош калды,
Кээ бирөө ак нан эмес кара нан
Таппай ач калды.
Күнүгө нандын баасы көбөйүп,
Элди кызыл кулактар башкарды.
Дагы кандай болот бул заман,
Көрөбүз маңдайыбызга жазганды.

## ЖИГИТ МЕНЕН КЫЗДЫН СҮЙҮҮСҮ

### Жигит менен кыздын таанышканы

***Жигиттин айтканы:***
Коён бир качат түз менен,
Кубалайт тайган из менен.
Татына кыз экенсиң,
Мен таанышкым келет сиз менен.

***Кыздын айтканы:***
Кер какшык айтып турасың,
Келип бир менин кашыма.
Кылчак-кылчак карайсың,
Кыздардын баары татына.

РЮБ Кыргызской Республики
им. К. Баялинова
ИНВ. № 46 4918

*Жигит:*
Сен болбосоң тура албаймын жай алып,
Келаткансып эки жагым каранып.
Көрүнбөйсүң мен беймаза убара,
Курусун жаным, убарамды сураба.

*Кыз:*
Кааласаң жигит атып ал,
Капчыгайдын элигин.
Капа болбо курулай
Келбесе кантем көңүлүм.
Көңүлү келбес кыздарга,
Сен эмне үчүн телиндиң.

*Жигит:*
Сүйдүм бир сени жанымдай,
Сүйөт го жүрөк жарылбай.
Сен үчүн болдум махабат,
Суу куйса өчкүс жалындай.

*Кыз:*
Айлакер болсоң атып ал,
Аткарып жигит күйгөнүң.
Алактаба курулай,
Акыры сени сүйбөймүн.

*Жигит:*
Көп эле кыздар жүрбөйбү,
Келишимдүү сымбаттуу.
Сырдашканда билинет,
Кишинин арзан кымбаты.

*Кыз:*
Кежигенин кечүүсү
Далай бар жаштын чечүүсү.
Адамдан чыгат акылман
Жүрөктөн сырды чечүүчү.

*Жигит:*
Оорулуу болдум сенин дартыңдан,
Сүйбөсөң да ээрчийм артыңдан.

Ара жолдо калбайбы жигит
Аракет кылбай тартынган.

*Кыз:*
Сен сүйсөң мен да сүйөмүн,
Сен күйгөн отко күйөмүн.
Сүйбөсөңүз эгер мен дагы,
Сый адамдай жүрөмүн.

*Жигит:*
Курбум илинбейли тузакка,
Берекем жашоо узакта.
Жашыруун жабык жүрбөсөк,
Жайылып кетет ушакта.

*Кыз:*
Адам бир болсоң ойлогун,
Азгырган сөзгө болбогун.
Азгырып бирөө сураса
Жок андай эмес деп койгун.

*Жигит:*
Сени менен бир жүрсөм,
Тамаша менен таң атат.
Күлкү менен күн батат,
Колтукташып сен менен
Кандай бир жигит бир басат.

*Кыз:*
Кызылдан көйнөк этимде,
Кыштоонун болом четинде.
Кыргыек болуп учуп  кел,
Мен буралып турган кезимде.

*Жигит:*
Сен бар десең барайын,
Барбай бир кантип калайын.
Баарлашып сүйлөшүп,
Бакытты сенден табайын.

*Кыз:*
Жашылдан көйнөк этимде,
Жайлоонун болом четинде.
Жагалмай болуп учуп кел,
Мен жабыгып турган кезимде.

*Жигит:*
Табылгыс менин таалайым,
Жайлоого барбай мен кантип калайын.
Башымды алдың менчиктеп,
Башканы кантип каалайын.

*Кыз:*
Кармасам этим чымчылбайт,
Сүйлөшпө жигит менен деп,
Кайтарып энем кылчылдайт.

*Жигит:*
Куштар да жасайт уяны,
Кай жерге чеп куралы.
Көрүнбөс үчүн көп элге,
Көлөкөлөп туралы.

*Кыз:*
Ойноп күлдүк жыргадык,
Ортодон чыр чыкпады.
Оюмдан кетпей баштагы,
Айламды жаман кетирди,
Сен өпкөн айыл кыздары.

*Жигит:*
Тамашаңды айтпачы,
Таарынганыңды таштачы.
Талаада ойноп жүрбөйбү,
Жаштардын нечен канчасы.

*Кыз:*
Өз көзүм менен көргөмүн,
Чоң алыштын боюнда.
Кучактап өөп тургансың,
Чакасы бар кызды колунда.

*Жигит:*
Ал кызды жакшы көрбөдүм,
Башкага көңүл бөлбөдүм.
Бул жалганда жалгыз сен дедим.

*Кыз:*
Белсенип чыктың белестен
Перилер менен кеңешкен.
Ишендим эле мен сага
Ушундай кылат дебестен.

*Жигит:*
Карабалта ак-бекет,
Кайгырган менен ал кетет.
Каяктан чыкты болду экен,
Сүйүү деген балекет.

*Кыз:*
Эселек болсо сүйгөнүң,
Эзилип отко күйгөнүң.
Ээрчигенсип не кылам
Сен эрмеги болсоң бирөөнүн.

Жароокер болсо сүйгөнүң,
Жалындап отко күйгөнүң.
Жалынгансып не кылам,
Жакыны болсоң сен бирөөнүн.

*Жигит:*
Ойлосом сенин заманың
Ойлонуп күйүп жанамын.
Кайда жүрсөң аман бол
Угулса болду кабарың.

*Кыз:*
Кандай иш болот билбеймин,
Кайгырбай күдөр сен үзсөң,
Кайрылбай кетсең ачык айт,
Кантейин мен бир көгүчкөн.

*Жигит:*
Көрүнбөйт көзгө карааның,
Кайсыл күнү ага кабылдым.
Башка аял алып алгансып
Баш кошпойм деп таарындың.

*Кыз:*
Шашпагын жигит шашпагын,
Сага эле тием кастарым.
Сеники болом деп коюп,
Башымды неге аттадың.

*Жигит:*
Бассам турсам сен дедим,
Башкага пейил бербедим.
Баш кошуп алалы десем
Башында өзүң көнбөдүң.

*Кыз:*
Кой ичинде боругум
Кош кыял экен жоругуң.
Талаадан уктум кебиңди,
Тамаша кылат дебесең,
Таап алгын теңиңди.

*Жигит:*
Ушунчалык болдуңбу,
Ушак угуп койдуңбу.
Калп эле сөзгө таарынып
Чыныңбы сенин оюнуңбу.

*Кыз:*
Ат-Башы, Нарын чек ара,
Айнектей болгон бечара.
Ажырашпайбыз дечү элек,
Ажырашпаска не чара.

*Жигит:*
Адамдын нечен түрү бар,
Сен акылдуу болсоң билип ал.

Мисал кылып айтайын,
Ай болбосо да жылдыз бар.

*Кыз:*
Акталдан ары боз талаа,
Айтышып жүргөн сөз кана.
Айтышкан сөзгө турбасаң,
Табылаар сендей боз бала.

*Жигит:*
Көл аягы Рыбачы,
Сен көңүлдү капа кылбачы.
Көңүлдү капа сен кылсаң,
Көп эле жүрөт ургаачы.

*Кыз:*
Жайдын күнү жол басып,
Жададым жолдун ташынан.
Мындайыңды мен билсем
Жолобойт элем башынан.

*Жигит:*
Кер маралдай мүнөзүң,
Кериле басып жүрөсүң.
Кечирип кой, жан курбум,
Мендей жигитиңдин күнөөсүн.

*Кыз:*
Көтөрдүм жигит жүгүңдү,
Калгандай көрбө күнүмдү.
Кааласам сендей табылаар
Калтырба кадыр көңүлдү.

*Жигит:*
Ак маралдай мүнөзүң,
Ачууланып мага жүрөсүң.
Ак көңүл болот аял зат
Кечирип кой мендей
Акмагыңдын күнөөсүн.

*Кыз:*
Кызыктым ушул балага,
Кызматым кетти талаага.
Кылымда болбойт мындай иш,
Кыйналып кеттим санаага.

*Жигит:*
Шашпагын селки шашпагын,
Сени эле алам кастарым.
Сендик го болом деп коюп,
Башымды неге аттадың.

*Кыз:*
Жароокер жакшы балага,
Жакшылык кетти талаага.
Жалганда болбойт мындай иш
Жададым кыйын санаадан.

*Жигит:*
Ойлобо мени эсиңден чыгар,
Башың бош эми бекерсиң.
Жакшы кыз экен деп жүрсөм,
Кара өзгөй катуу калпычы кыз экенсиң.

*Кыз:*
Кош кыял экен жоругуң,
Кой ичинде боругуң.
Талаадан уктум кебиңди
Тамаша кылат дебесең
Таап алгын теңиңди.

*Жигит:*
Жолуң болсун сендейдин,
Жолуксам салам бербеймин.
Элдешелик десем болбойсуң,
Экинчи сага келбеймин.

*Кыз:*
Сен жигит болбой жерге кир,
Сендей бир жигит элдедир.

Каалабаймын сендейди,
Кадырын кенен теңгедир.

Сагынычтан эки жаш,
Бир жылга жетпей бири-бирин сагынып.
Жаман болушту.
Ушул жолдон өтсө кечирим сурайын деп
Бири-бирин тоорушту.

*Жигит:*
Ак кушумду кетирип,
Учкул экен кыялым.
Эми мен кандай кыламын,
Жолунан тосуп турайын.
Берсе да бербесе да,
Кечирим сенден сурайын.

*Кыз:*
Жактыргым келбейт башканы,
Жарашып алсак не болот.
Ары жан кейитип өзүмдү,
Ар кайсыны көп ойлоп.

Кыз жигит болсо элдешти,
Кечиришип күнөөнү.
Баш кошуп алып түбөлүк,
Ойноп күлүп жүрөлү.
Кана эмесе, өзүң ойло кеңешели,
Айтышпайлы ортодо болгон кеп сөздөрдү.
Артың ойлоп алга умтулалы,
Бакыт болсун балдарыбыздын келечеги.
Кээде адашып кээде ойлонуп камыгып,
Түйшүк тартып түз жолуңдан жаңылып,
Сенден да менден да кетти каталык.
Көкүрөктө көк түйүшүп камыгып,
Узун тилдүү дагы бир ушакчылар,
Миңге бөлүп бир сөздү бутак кылаар.
Экөөбүз сөзгө келсек бир тилектүү,
Айталбай ушакчынын жаны тынаар.
Жамандыкпы жаштыкпы,

Бузуктун кирдиң тилине,
Каршы айттың мага тим эле.
Сөз айтпасам деле тим эле,
Кечиргис кайгы саласың.
Адамдын дайым дилине,
Жара чыгып калсачы.
Жаңылган сенин тилиңе.
Өткөн күндү ойлонуп,
Өкүнөм кийин күнүгө.
Сага дайым каалаганым жакшылык,
Сүттөн аппак суудан таза тилегим.
Өзүнчө эле саламдашпай жүрдүң го,
Көзүмө айтпай тилине кирип бирөөнүн.
Эки жакшы баш кошсо ырыс,
Бирөө жакшы, бирөө жаман болсо дурус,
Экөө тең жаман болсо дайыма уруш.

Сенден да кетти чекилик
Менден да кетти чекилик.
Ортодо сөздү ойго албай
Коёлучу кечирип.

## КАССИРЛЕРГЕ

Бир үйүбүз больница, келебиз күндө,
Көп жылдан бери иштейбиз бирге,
Окуган адам айттырбай билер,
Ушул ыр тиешелүү кимге.
Бетке айтардын заары жок,
Акчанын алып кынуусун,
Көп жылы иштеп такшалган,
Толук бербейт акча деп,
Көп угуп жүрөм жаштардан.
Биринчи акча аларда,
Тааныштары алышат.
Бизге да акча бер десе,
Күндө эртең деп урушат.
Кээ бирөө турат зарылып,
Албадык акча түзүк деп.

Адамдын баарын тең көрбөй,
Ойлойбу бизди кучук деп,
Үч күндөн кийин беришет.
Акчанын бырышын жасып үтүктөп,
Көпчүлүк көзү көрөгөч,
Бириксе бир күн ишке ашат.
Тайгаланып жүрбөгүн
Көп баскан аяк бок басат.

## ЖАШТЫК КЕЗ

Кенч экен дарыя суудай кемибеген,
Же отузга же кайра кыркка толсомчу.
Алдыга салып мүнөттү,
Ачылып ойлор жүдөттү.
Оболоп далай жаш келин,
Ордума далай гүл өстү.
Басаңдап жаштык убагым,
Байкасам башка сыягым.
Өткөн өмүр гүл жаштык,
Өкүнсөң келбейт кайрылып.
Кеткен жашка кайрылып,
Кейүүгө болбойт кайгырып.
Жалт карап артын кылчактап
Жалын жаш кетти кыялап.
Карылык жетти кубалап,
Нечен гүл ачып, кайра соолду.
Аз өткөн күлгүн өмүрдүн баркын билбей,
Кусалык ойго чөгөм, көчөдө жамгыр,
Бул жыргалды далайлар узаткандыр.

## 60-ЖЫЛДЫККА КАРАТА

Дүйнөдө болгон экен бир бай терек,
Анын он эки бутагы болсо керек.
Ичинде отуз жалбырагы бар,
Ошолорго чамалаш бир бутак сейрек.

Илимпоз чамалаш бир он эки ай,
Анын ичинен 30 жалбырагы 30 күн.

Төрт бутагы төрт жума оруппору күн чыгыш,
Иримпору күн батыш.

Колумда алтын шакек бек чыгарбай,
Бир койду карышкыр жейт кан чыгарбай.
Муну тапкан кишилерге барат элем,
Мал чыгарбай өзү барат.

Камынып эрте жүгүргөн,
Карысы жашы күжүрмөн.
Ишинин майын чыгарып,
Калк үчүн чуркап бүлүнгөн.

Койнунда байлык жеримди
Куралган түрдүү кенимди.
Кучагы күлгө оролгон,
Кубанычтуу элимди.

Өлкөмүн өчпөс чырагы
Өмүрдүн алтын булагы.
Бирдикте өсүп жашаган
Ак-Талаа ушул турагы.

Эркин иштеп жатпайбы,
Эмгектин далай балбаны.
Жыргалдуу Ак-Талаанын
Жашы менен карганы.

Кубанычтуу күнүбүз
Куттуу болсун ар дайым.
Алтымыш жылдык майрамы.

Күлүп ойноп кары-жаш.
Көңүлү өсүп жаркыды.
Күн өткөн сайын арбытып,
Гүлдөттү эркин калкымды.

Алтымыш жыл баскан убагың,
Өзүңө союз болду деп.
Дүңгүрөгөн дүбүртүн,
Дүйнөнүн укту кулагы.

Колунан оймоктун ийне өтөдү,
Опасыз уйпаланып дүйнө өтөдү.
Дүнүйө келип бир кетет да,
Шум жалган түйүнүңдү ким чечеди.

Чын дүйнө шум дүйнөгө жеңдирип иет,
Тең келбей кээде жыйнап алат кара жер.
Капка таруу тергендей асылып алат,
Шум ажал атасы энчи бергендей.

## ИЧКИ КАЙРЫК

Кылаалап Нарын чоң суусун,
Кыялга далай толчусуң.
Кымбатым анда сен дагы,
Кыялкеч кызык болчусуң.
Кайрылбай күндөр сен үзсөң,
Өңдөнөм түштө көрүшкөн.
Жашагым келбейт жалганда,
Жалынсыз түштүм арманга.
Биргемин бирок дайыма,
Билинтпей кетип калсаң да.
Кусаландым мен көркүңө,
Куйкаландым мен өртүңө.
Сен үчүн жашоом тынч эмес,
Солкулдаган көпүрө.
Талпынам куштай жетүүгө,
Сүйүү кол кирбей кечүүгө.
Олтурам ойлуу жээгинде,
Толкунун минип кетүүгө.

## БАКИРДИН ЧЫМЫН

Бакирдин деген чымындын,
Нык семирген убагы экен.
Томугу тогуз карыш казандан чоң,
Кар жилиги наар өгүздөн жоон экен.

Ок салдым мылтыгымдын боорун сылап,
Өңүп бардым Кудайга таза ыйлап.

Өпкө боордун тушу деп атып ийдим,
Чымыным тоодой болуп кетти кулап.

Чымындын териси сондо калды,
Алтымыш бычак курчутуп,
Түгүн алып.
Токсон тогуз сааба кырк көкөр бычып алды
Ошондо да төрт бучкагы артып калды.

Бөлтүрүктүр, бөлтүрүктүр,
Бир карагайдын башында.
Бир дарыя көл туруптур.
Өңгөм жалган болсо да ушунум чын,
Бир кишини бир киши,
Бетеге менен жыга чаап өлтүрүптүр.

## БААРЫБЫЗ ӨТӨБҮЗ БУЛ ДҮЙНӨДӨН

Калар артта катарлашып бир басуу,
Калар артта кадырлашып сыйлашуу.
Тирүүлүктө кадыр көңүл калбасын,
Өлсөң дагы ошончо болоор ыйлашуу.

Ажал келээр ооругандай сыр айтпай,
Биз кетебиз бирок калаар турак жай.
Турак жайга турак болор балабыз,
Караңгы үйдү жарык кылып чырактай.

Артыбызда өрнөк калаар түгөнбөс,
Балдар менен тирүү жашар тирүү кез.
Акыл насаат сөзүбүздү эскерсе,
Анда биздин жокчулугубуз билинбес.

Ушул жашоо өмүрдүн,
Устуну болуп турган ким?
Пендеси кулу экенбиз,
Беш күнчүлүк жыргалдын.

Ал ырас өлүм адамзатка,
Тирүүлүк андан күчтүү алда канча.
Басынсаң турмуш сени басып алат,
Кайрат кыл, кур кайгыга алдатканча.

## АРПА ЖАЙЛОО

Жайлап жүрүп билбепмин,
Жарым курорт Арпаны.
Кымыз ичип козу жеп,
Жайлоодо жүрүп кой бакса,
Кантип самайт жаканы.

Сабаада кымыз кайнаган,
Сазына бээсин байлаган.
Сары айгыр менен күкүгү,
Ташына конуп сайраган.

Көөкөрдө кымыз жайнаган,
Көл сазга бээсин байлаган.
Көбүнчө төлдү, жүндү көп алып,
Чабандын көөнү сергип жайлаган.

Жаш кезде мен да жүгүрүп,
Колхоздун малын бакчу элем.
Чайкап ичип кымызды,
Шиберге оонап жатчу элем.

Колхоздо иштеп жүргөндө,
Кандай айтсаң эл көрөт.
Кызматчы болуп калганда,
Кыйыкташып жек көрөт.

Адырдан аткан аркарын,
Аш казаны ооруса,
Абасы жаккан Арпанын.
Өңүттөн аткан аркарын,
Өпкө-жүрөк ооруса,
Абасы жаккан Арпанын.

Күчтүү кемеп чөптөрү,
Мал семирет жайыттан.
Оорулуу адам ар дайым,
Абасын жыттап дем алып,
Кымызын ичип айыккан.

Талыкпай иштеп чабандар,
Жайласа Арпа соорусун.

Тармал козу союп жеп,
Тамашалашып бир жүрсө,
Кантип булар оорусун.

Гүл жытын бүркүп тургандай,
Жагымдуу жанга абасы.
Адамды тартат өзүнө,
Арпанын жайык талаасы.

## УЛУУ ОКТЯБРЬ МАЙРАМЫ

Байлыкка толду жерибиз,
Кырк жылда сонун жаңырып.
Коммунизм жылында,
Кадам койдук элибиз.
Кырк жылда жардамы
Бир туугандаш атадан,
Бирдикте өсүп жашаган.
Куттуу болсун элимдин,
Улуу Октябрь майрамы.
Өмүрдүн өчпөс чырагы,
Өмүрдүн алтын булагы.



Алтынказ апа уулу Нусупбек, жеңеси Асанбүбү жана неберелери менен.

Көсөмүбүз партия,
Көп жеңиш берип калкына,
Кылымдык жолду кыскартып,
Кырк жылда баскан убагы.
Дүңгүрөгөн дүбүртүн,
Дүйнөнүн укту кулагы.
Салкынга баккан чарбаны,
Алтынды жерден табышкан.
Эркин иштеп жатканбы,
Эмгектин далай балбаны.
Жыргалдуу Кыргызстандын,
Жашы менен карганы.
Кубанычтуу күнүбүз,
Куттуу болсун туугандар,
Улуу Октябрь майрамы.
Кырк жылдык узак жол баскан,
Кыйындыкка карабай,
Кыйла татаал жол ашкан.
Алтын жазуу Кызыл Туу
Калкылдаган байрагы.
Куттуу болсун элимдин,
Кырк жылдык күнүн майрамың.

## ЖЫЛКЫЧЫ КЫЗ КАНЫМЖАН

Атасы болуп жылкычы,
АРПА жайлоо жайлаган.
Тушардан тулаң аралап
Ар түрдүү гүлдү тандаган.

Алты канат ак боз үй,
Жалгыз үйлүү жылкычы.
Адырга байлап желени,
Үч баласы, улуурагы бир кызы.

Апасы алып чаканы,
Атасы бээни саадырат.
Аңгыча келип бир жигит,
Салам айтып Садыкжан,
Жылкычы кызын чакырып.

Ээ, балам буга кымыз бер,
Алыс жактан келгенби,
Атынан чыгат кара тер.

Ал үндү угуп кыз чуркап,
Аңтара салып эшикти.
Капыстан көрүп жигитти,
Жыйрыла түшүп уялып,
Кириңиз деп эшикти.

Атайын келген боз улан,
Айылдан издеп кыз тандап.
Сөз айтпай кызга тийишип,
Чыныга колун бек кармап.

Жылкычы кызы Канымжан,
Атын угуп алыстан.
Чабандын уулу Садыкжан,
Мына ушинтип таанышкан.

Канымжан күлүп ойноктоп,
Адыр түздө жылкы айдап.
Ат үстүндө конгонун,
Жайлоодо жүрүп мал баксам,
Бир короо кой болсо эрмегим.

Өлкөнүн малын көбөйтүп,
Баш кошуп алып экөөбүз.
Биригип чабан бололу,
Жанат учкун үмүттөр,
Чакыргандай ак жолу.

Жайлоодо менчик бээ байлап,
Ээрчишип ойноп күлүктөй.
Жалынына ээриткен,
Сен анда жаш жигит элең чырактай.

Бөтөгөдөй жаш келин,
Ал кичинекей кодойгон.
Жанаша атчан бастырып,
Жарышып ойноп Сары-Ойдон.

Камчыңдын сабы табылгы,
Антташкан алтын эсимде.
Алышып ойноп нечен жыл,
Аларды ойноп сагындым.
Сен кой жайып жүрдүң ак ташта,
Козуңарды кайтарып,
Кой карап жүрсөм да, эс тартым сен жакта.
Менин да колум бошобой бир паска.
Сен ат издеп жүрдүң Сары-Ойдо
Мен кой кайтардым бороондо.
Ээрчишип жүрүп мал бактык,
Аскасы бийик тоолордо.
Алдыңкысы элек ал убакта жаштардын,
Төлдү, жүндү көп берип,
Милдеттенме аткарган.
Жайы-кышы тынымы жок мал багып,
Коомдун малын сактаган.
Шамал бороон ал жерде,
Сен кой кайтарып жүргөндө,
Артындан издеп ала барчусуң,
Ичине салып май кошуп,
Сен жей турган наныңды,
Кубанычы болчусуң,
Сүйүп алган жарыңдын.
Кандай сонун ал кездер,
Ошолорду ойлоп сагындым.
Жаш кезекте сүйгөнүң,
Ташка тамга баскандай,
Кийинчерээк сүйгөнүң,
Кумга тамга баскандай.
Биринчи сүйүү табылбайт,
Ойлогула жаштар ай.
Көк кагазга кат жазган,
Суулуктан кармап атымды,
Көтөрүп атка атказган.
Жаштыктын күйгөн жалындан,
Мен ошол күндү ойлоп сагындым.
Ак кагазга кат жазган,
Колтуктап мени атказган,
Сүйүүдөн чыккан жалындан,
Мен ошол сайыңды эстеп сагынам.

## МЕКЕНИМ

Аскасы бүркүт оронгон,
Адыры сайма жеримдин.
Байлыгы кооз жеримдин
Эмгектен тапкан байлыгын
Ырыскылуу элимдин,
Алтын жылдыз оронгон.
Кыргызда нечен баатыр бар.
Ак эмгектин табышкан,
Айтуугa менин акым бар.
Өнөрлүү уул-кыздарын,
Өскөн эл көрүп кубанды.
Айтуугa сыймык бу дагы,
Артынан жаштар селпинип,
Ардактап жолун улады.
Көңүлүн элдин кубантып,
Жеңишке сүрөп ар дайым,
Калкыма кылып кызматты,
Даңаза салсам күн сайын,
Койнунда байлык жеримдин.
Күрөлгөн түрдүү кенимдин.
Бир тилекте бирдик менен иштесең,
Көздөгөнүң колуңда кучагы гүлгө оронгон.
Кубанычтуу элимдин.
Көркөмүнө көз толуп,
Жыргал өтсө өмүрүм,
Ленин туусун көтөрүп.
Эмгегин баалаган,
Кызык экен ырлары.
Элибизге арналган,
Күлүп-ойноп кары жаш,
Көңүлү өсүп жыргады.
Күн өткөн сайын күн санап,
Гүлдөттү эркин калкымды.
Эл бирдиги тарбия,
Курч болоттой жарышты.
Ырыстуу элим тынчтыктын,
Жашасын партия нурунда.

Ажырабас достук элимде,
Акыйкат теңдик чынында
Эмгектенсең тартынбай,
Эл түгөнгүс кен болот.
Ырыска шерик жаралып,
Ырынан болот эмгегин.
Жыргап куунап жашайбыз,
Бак берген бизге элиңдин,
Жакшы заман доорунда,
Жазгы гүлдөй жайнаган.
Ушундай күнгө туш келдик,
Узунун берсин өмүрдүн.
Кеңештин отун жакканда.
Кубаныч батпай ичиме
Жай билип көңүл оорубай,
Жылдыздай жайнап жаркырап,
Жазгы желдей тынчыбай.
Узагын сүрүп өмүрдүн,
Улууларды сыйлап өт,
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Урматын көрүп жыргасаң.

## ТАБИГАТТЫН ДААРЫСЫ

Бурамалуу бүргөктөн,
Муздак тунук суу аккан.
Түнкүсүн кыштак балбылдап,
Көрүнүп турат ыраактан.

Курортология ачылды,
Кочкордун тузу ак сага.
Биринчи дары ушу экен,
Бронхит менен астмага.
Каалаганы табылган,
Кочкор касиеттүү бел экен.
Аскасы булут оронгон,
Адыры сайма жер экен.
Кучагы гүлгө оронгон,
Кубанычтуу эл экен.

Далайлар самап жетпеген,
Кочкор куралган туздуу кен экен.
Кыйла адамдар келишти,
Кызыл-Кыя баамдан.
Жан айласы кыйын да,
Казакстан, Ош шаардан,
Дем алып туздан айыкты.
Таасири тийип баарына.
Касиеттүү алтын туз,
Табигаттын даарысы.
Улгартып ийбей ооруну,
Дарыланбаса кыйын да.
Көйкөлүп көчө басканын,
Бир паска жаның кейисе,
Көрүнбөйт көзгө тыйынча.
Кошулган тоолуу булактан,
Муздак тунук суу аккан.
Түнкүсүн туздар жылтылдап,
Түрдөнүп турат ыраактан.

## СОГУШТУН 60 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

Качат бизден кас душмандар келе албайт,
Соолсун согуш кайра дагы болбосун.
Кол кураган союздаштар сүрүнөн,
Кас душманга ок тийип,
Жүрөгүнө орноп калсын коргошун.
Элине таалай берип улуу өлкө,
Күн сайын гүлдөп өсөт жетип көккө.
Бактылуу ырыскылуу билимге бай,
Бак-таалайын ак эмгектен табышып,
Эмгектин таттуу даамын татып көккө.
Жетекчибиз партия жетилди жаштар жайдары.
Тынчтыктын күнү жаркырап,
Толкуду элдин аймагы.
Жемиштүү болсун түбөлүк,
Улуу жеңиш 60 жылдык майрамы,
60 жылдык Улуу майрамды,

Кыйындык менен алышкан.
Эриксиз күндө турганда,
Ээ кылган ушул жыргалга,
Атабыз иши даанышман.

## ЧАБАНДАРГА

*(Карл Маркс атындагы колхоздун чабаны Ж. Акматалиевке)*

Кой кыркын пункт жайгашкан,
Арпанын узун булагы.
Мал семирет жесе тулаңын,
Арбын жүндү көп кыркып,
Аткарды Карл Маркс планын.
Мал чарбасын коротпой,
Чечекейдей сактаган.
Айрыкча төлдү, жүндү көп алып,
Ашыгы менен аткарган.
Мал чарбанын устаты,
Малдын жайын билген адам.
Ар бир коюн кыркканда,
Бештен кило жүн алган.
Койлору тууп эгизден,
Кийикке окшоп сегизден.
Кышкысын жем-чөп жетиштүү,
Койлору баспай семизден.
Убагы менен жуушатып,
Кырсыксыз тегиз төлдөтөт.
Жан аябай жайы-кыш,
Эмгегин элге көргөзөт.
Алдыңкы тынбас адамдын,
Унутулбайт эмгеги.
Чыгаша болбой тубары,
Аман-эсен төлдөдү.

## КАРАКОЙЧУ 50 ЖАШКА ЧЫККАНДА

Байкасам шыгын акынга,
Барчындай көккө эриген.
Элге арнап кызмат эмгегин,
Акын доктур дедирген

Талыкпай эмгек өтөсө,
Таалайын табат ар адам.
Сексен жашка чыкканча,
Ташкында таштаба кадам.

Ийгилик каалап ар дайым,
Иштерин даңктайт элиңиз.
Тобунан ашкан буудандай,
Токсон жашка барганча,
Токтобой арыш кериңиз.

Жарышка түшкөн тулпардай,
Элүүгө чыга келдиң бат.
Эл уулу болуп көргөздү,
Сени акын деген сыймыктуу ат.
Эл кызмат кылып жанды аябай,
Эмгегинден эң жогорку бакытты тап.

## САТИРА

Куттуу болсун Каке 50 жашка чыгышың,
Акын жагынан да, акыл жагынан да
Ак-Талаанын тыңысың.
Тазалык деп тытынтып штраф салып,
Бул эмнең кээ бир адамды сарсанаа кылышып
Же өзүңө жагабы ушу жумушуң.

## УШАКЧЫЛАРГА

Жайкалган бакыт гүлүнө,
Жайытта жакшы жөн койбой,
Чыр салып турса күнүгө,
Билинбей келип турушат.

Айылда түк мындай адам,
Жакшынын ар убакта пейили жок.
Адамга эч убакта пайдасы жок,
Жогорку мен көрсөткөн митаамдардын,
Тилеги таштай катсын ынсабы жок.
Күүлөнүп сүйлөп ар кимге,
Өсүнөсүң күнүндөй,
Арбын кылган күнөөсүн
Айтып турса түшүнбөйт,
Сөзүндө такыр чындык жок,
Артынан ушак үзүлбөйт.
Обого турат адамдын,
Оозоп жандын кыялы,
Апыртып сүйлөп ар убак,
Озордыгын тыябы.
Апырткан сөздүн зыяны,
Андайлардын ар убак,
Албуут андай урушчаак,
Элге пайда кылабы.

## ЖАЗ АЙЫ

Жер бети нурга бөлөндү,
Жемиштүү жаз төрөлдү.
Жашыл килем жайгандай,
Ар кандай көркөм түрлөрдү.
Байкасаң муну бул жазда,
Бак-дарак аңкып гүл ачты.
Жасанган шайыр селкидей,
Көркүнө гүлдөп жарашты.
Ак мөңгү тоодон жел келет,
Ар кандай гүлдөр термелет.
Ак-кызыл гүлдөр термелет.
Жаз майрамдын эң алгачкы секундуна,
Аралаш жалпыңарды куттуктайм.
Кары жашты.
Ээрчишип биз келчүбүз,
Кызыл гүлгө чөмүлүп,
Жалт карап ойноп берчүбүз.

Тынч болсо гүлгө оонап кыпкызыл,
Кубанып эл-жериме сый болдум.
Жаз курагы узарып,
Кыйын толгон шайырга.
Жүзүн буруп жоодурап,
Мөлтүрөгөн жамгырга.

Жер бетине жашыл гүл,
Түргө келип миң ирет.
Кышта жаткан уйкуда,
Жан жаныбар тирилет.
Ыргалып өсүп бак дарак,
Жамгыр жаап дыбырап.
Жаңы жаздын гүлдөрү,
Түрдөнүп турат ар тарап.

## СҮЙҮҮ ЭЛЕСТЕРИ

Чын берилсе эки жаш,
Дүйнөдө бардык жанга сүйүү кызык
Жаштыктын жыттуусуна кумар канбай,
Чын сүйүү күндөн дагы оттон ысык.
Толукшуп жарк дей түшүп нурданасың
Негедир ат арытып жол карашын,
Сүйөм деп өт жүрөгүм элжиретип,
Кыйлага өзүм менен бир барасың.
Жаш өмүрүм түбөлүктүү сени менен,
Өткөздүм жаштык кездин бир кумарын.
Эркимди бошото албай билбей калдым.
Чер жазып ак сүйүүгө тундурармын.
Сүйөм сени ысык сүйөм жанымдан,
Сүйөм сени балалык кез чагымдан.
Жаш кезде сүйүп антташкан жанга,
Күнөөсү жок ак сүйүүмдү сагындым.
Сүйүү кызык сүйүү таттуу бир башка,
Кимдер сүйбөйт дени таза жаш чакта.
Биз сүйөбүз намыс кылбай ар кылбай,
Жаш улгайып карып барат жаш чактан,
Нечен ашуун гүлдөр бар, ашуу жана белдерде,

Ошончолук көп гүлдөрдүн ичинен,
Сенин жытыңдай жыпар жыт жок.
Эч көңүл бурбай башкага,
Алаканга салып мени көтөрдүң,
Ал саатта табышарбыз ал жайдан.
Түбөлүккө сени сүйүп өтөрмүн,
Булбул гүл бакчада шагында,
Үлпөт өмүр сайрап турат жанында.
Ушул күндөр балдан таттуу шириси,
Эрип барат менин жүрөк канымда.
Жанымдай көрөм дечү элем,
Жайдары чолпон жылдызым.
Жаш кезди ойлоп сагындым,
Жаш агат көздөн тымызын.
Баркымды билип кошулган,
Эркелетип балача алдына алып отурган.
Кусалык ойго чөгүп көчөдө жамгыр.
Бул жамгырды далайларга узаткандыр,
Сырымды өзүмдөн да катып терең,
Мындайча бир тутумду ойго келем.
Бир бакыт кайда болсо сени күтөт,
Мен сенсиз бакытка туш болбойт элем.
Сүйүү өзү тилсиз сүйлөп жүрөктөн,
Ашык жарым сөөлөтүндө түнөткөн.
Кыялымда кубатталып дайыма сезимде,
Жыпар жыттуу гүл экен.
Кокус көрсө кан денеме дүрт эткен.
Чынында ким сүйбөсүн жакшы адамды,
Кадырлап жүрөк сырын тапкандарды.
Жарашып ай менен күн жарашкандай,
Сыйлашып жашоо жолун тапчуларды.
Жатсам турсам дайым болдуң жаныма,
Барчын элең кумар жазган багымда.
Жыттап-жыттап кумарлансам жытыңдан,
Булбул таңшып таң агарган жалында.
Түшүмө кирсең дейм көргөндө көңүл ачылган,
Сенин сүйүүң жүрөккө бекем катылган.
Көөдөнүмдө көлкүп эрип ал күндөр,
Каш карекке керемет батырат.
Айта электе бир ооз сөз,

Бир көз карап сүйүү эмес жамынып.
Жүрөктүн оту болбосо,
Кубаты болбой сүйүүнүн.
Уктасам турсам сен деймин,
Башкага көңүл бөлбөймүн.
Жылдыздар тороп ай батты,
Жыпар жыт аңкып таң атты.
Жаш кезимде кошулган,
Кызык курбум сен жакшы.
Бакыракай көздөрүң,
Бакыттын нурун чачкандай.
Күлүмсүрөп турганың,
Күнгө окшогон ак маңдай.
Элесин ойлоп сагынат,
Эриксиз ойго баткандай.
Күлкүңдү эстеп күн аткан,
Мүнөзүң жакшы жибектей.
Тунуксуз аккан булактай,
Сагынам кетсең ыраактан,
Түбөлүк деген сөздөрүң,
Жүрөгүмдү кубанткан.
Жашоо кыйын көндөмүн,
Жанаша басып жүргөнмүн.
Азыр жоксуң жанымда,
От болуп жанып күйөмүн.
Жашоодо артык жараткан,
Жалындай ысык сүйүүнүн.
Ушундай өтөм дечү элем,
Болооруң мындай ким билди.
Колтукташып сен менен,
Элимде бирге жүрчү элем,
Көздөсөң максат орундап,
Көп жаштар доор сүрчү элек.
Күн өтүп саат айланып,
Сапар тартты.
Бул сырымды ачпастан,
Көпкө жатты.
Акыркы сүйүү күчү,
Эстен кетпей,
Жүрөгүмдөн мекен тапты.

Көз алдымдан кетирбейт элесимди,
Уктасам түшкө киресиңби.
Кубат алып канча жыл жашап келем,
Жагымдуу жанга жаккан,
Жер караган күндөйүм.
Кирсе деп түшкө тилеймин,
Элесин көрсөм түшүмдө,
Кубат алып жүрөмүн.
Кайгы капа билбеймин,
Сүйүүдө айып жок эмеспи.
Ушунча жыл жашап жүрсөм да,
Эстебей кантип коёюн.
Ортобузда бала бар,
Чырпык таап жакшы бүрдөргө,
Чындык жакшы сүйүүлөргө.
Чыдабайт экен чын сүйүү,
Чын көңүлү сүйгөнгө,
Турмуштун татаал жолун басып келдик.
Туруктуу
Балалыктын баарын жеңдик.
Турмушта ачуу таттуу көп турбайбы,
Акыры мына ушинтип кала бердик.
Сен тоодогу барчын кулпунган,
Далайлар ашык болгон сыртыңдан.
Алдырып колдон алтынды,
Ормондо калып умсунган.
Акыры таппадым сендейди журтумдан.
Көздөрүң көзгө чачырайт,
Сөз айта албай сүрдүгөм,
Көл бетине көз салып,
Сени кимдер сүйбөгөн.
Тамашаңды сагынып,
Так өткүм келет дүйнөдөн.
Белсенип жүрдүң белестен,
Перилер менен кеңешкен.
Ишендим мен сага,
Ушундай кылат дебестен.
Ат-Башы Нарын чек ара,
Айнектей болгон бечара.
Ажырабайбыз дечү элең,
Ажырабаска нечара,

Алтынды чайкап калайга,
Азгырат жаштык далайга.
Аз кунчулук жаманда,
Армандуу болуп не пайда,
Күмүштү чайкап калайга,
Күйдүрөт жаштык далайга.
Күнүмдүк жаман дүйнөдө,
Күйүттүү болуп не пайда.
Жаш кезде кызыл гүл элем,
Адамга шекер бал элем,
Шекерим кетип бал калып,
Өткөнүн адам ойлонсун.
Бир кезде сүйүүм болгонсуң.
Ошондо кандай сен көрсөң,
Азыр да ошол бойдонмун.
Карысаң да жаркыра,
Колуңдан келсе тартынба.
Жети күндө бир өлүм,
Айтышып калсын артында.
Кумар канбай жакшыга.
Дүйнөдө бардык жанга жашоо кызык,
Жашоодогу жан жолдошум ынагым.
Канча жыл өттү арадан,
Элеси күндүн алмашты,
Өмүрдүн алтын жылдызы.
Өзүңдү сүйгөн жаш чагым,
Көп жылды артка таштадым.

## ПАЙГАМБАРДЫ ЭСКЕРҮҮ

Ааламга болгон падыша,
Ак пайгамбар Сулайман.
Ажалга себеп жок тура,
Ал дагы өттү бул жайдан.
Дүйнөгө бүтүн жаралган,
Азирет Аалы Шер өткөн,
Үч миң жылы жашаган,
Улукман акем кары өткөн.
Сап-сап болуп катарлап,
Сабалардын баары өткөн.

Пайгамбар өткөн Саба өткөн,
Падыша өткөн хан өткөн,
Өкүнүч болбойт өлүмгө,
Өзүңдөй далай жан өткөн.
Пайгамбарың Астапа,
Төрт чалияр Мустафа.
Өлгөнгө даба жок тура,
Бул дүйнө бей упа.
Байлоодо атың тык тургай,
Пайгамбар өткөн ал тургай.
Пайгамбардын үй-бүлөсү,
Ал да ыйлаган биз тургай.
Эшикте атың тык тургай,
Эшендер өткөн биз тургай.
Эшендердин үй-бүлөсү,
Ал да ыйлаган биз тургай.
Ар адам кетет арманда,
Боору бүтүн башы эсен,
Болгон эмес адамда.
Ичкерден алган башайы,
Ийнесиз кайдан кабылсын.
Илгертен өткөн пайгамбар,
Издесек кайдан табылсын.
Базардан алган башайы,
Баатасыз кайдан кабылсын.
Пайгамбар өткөн дүйнөдөн,
Биз эми бакырсак кайдан табылсын.
Үммөтүбүздүн күнөөсүн кечир деп,
Пайгамбарыбыз нечен сураган.
Ага да да болбой азгырык,
Нечени жолдон чыгарган.
Ыкылыч кылып жалынып,
Алла Таала пириме,
Мусулманбыз баарыбыз.
Исламдын дининде,
Аллохума лила деп,
Намаз окуп күнүгө,
Алланын сөзүн жат кылган,
Куран окуп кат кылган.

Кудайдын сөзүн жат кылган,
Кудай деген пендебиз.
Күнөөсүнөн сап кылган.
Куран окуп маани айтып,
Кудайдын сөзүн даана айтып.

* * *

Чар китеп окуп маани айтып,
Чаляр сөзүн даана айтып.
Түн терметип отурдуң,
Ичиңе нурду толтурдуң.
Касиетин баарынан,
Бир Кудай деп кол сундум.
Аскага тийген арканыз,
Кудай деген күч үчүн.
Курулган күндө алкаңыз,
Кудай деген күч үчүн.
Таң атканча уф деген,
Дааратка сууну издеген.
Өмүрүңө тобо деп,
Акыреттин камын жеп,
Ак суугa оозун чайкаган.
Акырет сөзүн байкаган.
Шар суугa оозун чайкаган,
Шарыят сөзүн байкаган.
Ак топу кийген чекеге,
Атасы барган Меккеге.
Көк топу кийген чекеге,
Көп жолу барган Меккеге.
Нечен барып Ажыга,
Кудайдан тилек тилеген.
А деле болот буйруктан,
Түпкү атасы молдо экен.
Кара сууну уюткан,
Ар адам кетип арманда.
Ажал келип калганда,
Бооруу бүтүн башы эсен,
Бөтөн эмес адамда.

Кокустук колдон келбеген,
Кош ажал сени сермеген.
Кыйналтып уул кызыңды,
Кыйналтып сен кетчү белең.
Ушундай да күн болобу,
Уул кызыңды чоңойтуп,
Урматын такыр көрбөгөн,
Сен булутка кирдиң айга окшоп.
Буркурап калдым мең боздоп,
Буулугуп күндө ыйлаймын,
Буюккан жалгыз тоого окшоп.
Барчаны жайган жүгүнө,
Пайгамбар кирген үйүнө.
Тукаба жыйган үйүнө,
Туугандар кирген үйүнө.
Кыйылбаган тал болбойт,
Ушу жалган дүйнөдө.
Кыйналбаган жан болбойт,
Кесилбеген тал болбойт,
Ушу жалган дүйнөдө.
Кейибеген жан болбойт.

## ЭГЕМЕНДИК МАЙРАМЫНА КААЛОО

Баарыңарга каалаганым жакшылык,
Эгемендүү жылыңар ушул тушта.
Кыргызымдын атак даңкы чыга берсин,
Асмандагы жылдызга.

Кут түнөп күнү-түнү үйүңөргө,
Ар дайым орундалсын ойдогуңар.
Каалаймын ден соолук, ийгилик баарыңарга,
Жакшы өтсүн бүгүнкү ак тоюңар.

Жараткан берип тынчтыкты,
Кудайдын көзү түз болсун.
Куттуу болсун куттуктайм,
Бүгүнкү эгемендүүлүк майрамыңар.

Кашкайып атса ушу таң,
Элиме тынчтык нур тарап.
Ынтымак, ыйман берип баарына,
Жаркырап турса туш тарап.

## МУГАЛИМДЕРГЕ

*(Айчүрөк, Турсун, Жумаш, Света жана жалпы мугалимдерге арнайм.)*

Айланып учкан асмандагы ак кептерге,
Окшоп кетет мугалимдер элесиң.
Жаштарды алга сүрөп курчутаар ар дайым,
Айтып берген акыл жана кеңешин.

Талыкпай эмгек өтөсө,
Таалайын табат ар адам.
Тарбия, билим үйрөтүп,
Ташкында, таштагын кадам.

Жаштарга билим үйрөтүп,
Тарбия, таалим үлгүсүн.
Эмгекчил адамдын табаары чын,
Тагынгыла эмгектин жылдызын.

Ырахмат сага мугалим,
Алкыш сөз элден угасың.
Үйрөтүп билим жаштарга,
Космоско жете учаарсың.
Өлкөгө тийип керегиң,
Өмүрүңөр көпкө узарсын.

Кыргыздан чыккан уул-кыз болуп,
Алдыга карай жыла бер.
Акылдын, билимдин баары өзүңдө,
Ийгилик каалайм ишиңе,
Даңкыңар чыксын бүт элге.

Тилегиңер билим берүү эл үчүн,
Узун өмүр каалар эле мугалим.
Үйрөткүлө билимге,

Жаңы өспүрүм жаштарды,
Чоңойгондо, мекенинен аябасын чоң күчүн.

Мугалимде тынчып жатуу болбойт го,
Дайыма алга карай жүрөсүң.
Көп нерселер күтөт сени алдыда,
Аткара бер мекениңдин мүдөөсүн.

Мугалимдер билимди сүйөт,
Өз ишин мыкты билет.
Эмгек эч бир картайбайт,
Ошон үчүн шайдоот жүрөт.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Туулган жерим, айдай жаркын элесиң,
Сагынганда барып калсам,
Өмүргө кубат бересиң.
Алдымдан чыгып ата-энем,
Айткандай мага кеңешин,
Кандай сонун туулган жердин абасы,
Толкундатат көңүл ачып карачы.
Берекеси төгүлүп дан жыттанып,
Байлыгы көлдөй талаасы.
Уюлгутуп чаңды көчөгө,
Чуркачу элек безилдеп,
Ата-бабам өскөн жер,
Алтындай мага сезилет.
Ал убакта алтындай жаш курагым,
Топурак чачып гүл терип,
Көп кечтим аккан сууларын.
Туулган жер ойлоп сагынам,
Азыр мына жашап калган убагым.

## ТӨРКҮНДӨРДҮН ТОЮНА АРНАГАМ

Тоюңар куттуу болсун шаңга бөлөнүп,
Өмүрүңөр узун болсун жүзгө теңелип.
Ден соолугуңар темирдей бекем болуп,
Үй-бүлөңөргө бакыт күүсү ойносун көгөрүп.

Тоюңар куттуу болсун, гүлдөй болсун,
Тоюңар бакыт таалай нурга толсун.
Тынчтык туусу алдыңардан желбиреп,
Ар дайым көңүлүңөр ачык болсун.

Жай айындай жаркырап,
Жарык болсун жүзүңөр.
Алдыда болуп ар дайым,
Артыла берсин күчүңөр.

## ТИЙИП ТУРДУ МЭЭРИМИ

Толгоо кыйын: өмүр же өлүм чынында,
Эт ооруса жаның окшойт чымынга,
Төрөт үйү беш баланын энеси,
Жаткан эле былтыркыдай быйыл да.

Күттүм сыртта, суукка аябай үшүгөм,
«Селт» дей түштүм чочугандай түшүмдөн.
«Баа-баа» этип эки башка үн чыгат,
Аңгычакты төрөт залдын ичинен.

Акушерка ак халатын кийинип,
Алып учат эт жүрөгү сүйүнүп,
Эгиз балдар удаа келген ээрчишип,
Алган ороп камкордугу билинип.

Наристе үнү көрктөп турду жеримди,
Дагы экиге көбөйттү эми элимди,
Тийген күндөй эки уулду нурдантып,
Тийип турду энесинин мээрими.

## ЖАҢЫ ЖЫЛГА КААЛОО

Ушул жыл жаңы ачылган гүлдөй болсун,
Чанагы бакты-таалай нурга толсун,
Желбиреп тынчтык туусу бул дүйнөдө
Сапары ачык турсун биздин жолдун.

Кут болсун жыл шаңга бөлөнүп,
Өмүрүңөр узарсын жылга теңелип,
Чын ден соолук бактыга маарыгыла,
Турмушуңар жайнасын дайым көгөрүп.

Жаркырап жарык болсун жүзүңөр,
Жадырап арбый берсин күчүңөр,
Ийгиликтин дарыясын жаратып,
Дайыма илгерилей берсин ишиңер.

## «КОЛХОЗ ЭМГЕГИ» ГАЗЕТАСЫНЫН 50-ЖЫЛДЫГЫНА АРНОО

Элдин жүгүн көтөрүп,
Газетам элүүгө чыктың,
Баалай берип баардыгын,
Бакытты колуңа туттуң.
Кара өзгөй зулумдарга,
Болдуң чоң муштум.

Ак эмгек жасап дайыма,
Дыйканды чеке тердеткен,
Механизатор малчыны,
Алдыга чыкчу мелдештен,
Сүрөдүң кантип маарага,
Саяпкерсиң сен жеткен.
Коомдук мүлккө кол салса,
Бетин ачып төлөттүң,
Калптын сыйрып пардасын,
Ушакчыга бөгөтсүң.
Улуу ишке шыктанткан,
Устатым жана кеңешчим.

Кайгырганда кайратым,
Өйдөгө тартсам жөлөгүм,
Муңкүрөп эгер мөгдөсөм,
Эңкейгенде өбөгүм.
Таянаар тоом калысым.
Кабарчылар бөбөгүм.

## ЛЕНИНДИН ПОРТРЕТИ КЫЗЫМДЫКЫ

Лениндин портрети,
Дайым турат үйүмдө,
Сүйлөп ийип тургандай,
Мен карай берем күнүгө.

Портретти карап жатып,
Түш көрдүм мен бир түндө,
Көргөндөрүмдү апама айтып,
Чуркап келдим күйүгө.

Асман жердин ортосу,
Ак булут болуп созулат.
Ак булуттун үстүндө,
Ленин атам отурат.

Айланып түшүп асмандан,
Аалам журттун баарын,
Алгыла деп даана үн берет
Окуган балдар кыздарга,
Тутам-тутам баарына
Аппак, кызыл гүл берет.

Элдин көрүп жыргалын,
Ленин атам карап турган жайдары,
Дайым тынчтык эркиндикте,
Жыргап өсөбүз,
Биз Лениндин балдары.

## ВРАЧТАРГА

Оргуштап жылтыр суу аккан,
Ойлору таза булактан.
Адамга таза ниети
Ар учур таза булактай.

Бетме-бет туруп ажалга,
Белсинип күчүн сынашкан.

Ата-эне, ага-эжедей,
Ар күнү абал сурашкан.

Келечек күнгө талпынып,
Кейисең маңдай сылашкан.
Адамдын анык асылы,
Айлансын жаның врачтан.

Алкышын алып ар убак,
Ааламда пейлиң тазарсын.
Өкүнүч болбой турмушта,
Врачтар узак жашашсын.

## АРМАН

Коёндой болуп жашынып,
Бул оорунун айынан.
Кор болуп турам басынып,
Кээ бирөө жаман көрөт турбайбы,
Кечке эле жата берет деп асылып.
Көпүрө көлдүн булагы,
Көз адамдын чырагы.
Көзүм эрте көрбөй калды эле,
Эки бутум жылбай ооруп,
Мусаапыр кылабы дагы.

## ОРТО-СЫРТКА СЕСТРА БОЛУП БАРГАНДА

Орто-Сыртка мен дагы,
Сестра болуп баргамын,
Малчыларга тийсе экен деп жардамым.
Бул оорунун айынан кышында,
Ооруп калдым капыстан,
Глав врач жыйналыш жасап,
Вертолётту чакырткан.
Жаш балам Нусупбегимди көтөрүп,
Орто-Сырттан Ак-Талаага
Вертолёт менен келгемин.

Фельдшер болуп Соң-Көлдө үч жылы,
Үч колхозду кыдырып,
Жакшы аткарып жумушту,
Эскирип кетсе мейли деп,
Суурдун ийинине койчу элек
Флягалап кымызды.

Ойлогон жок элем мындайды,
Ошонум кесир турбайбы,
Кулагым укпай, көз көрбөй,
Башыма түштү муң кайгы.

Алыскы Арпа жайлоого,
Сестра болуп баргамын,
Огрегад менен кескен колдорун,
Айыкканча танганмын,
Кабар жетпей мен укпай,
Атамдын өлгөнүн,
Көзүн көрбөй калганмын,
Ошол менин арманым,
Атамды көрбөй калгамын.

Буудай бир чайнап, муз бүркүп,
Бут оору кайдан дечү элем.
Бут оору келди башыма,
Жылбай калып эки бут,
Эми муз жамгыр жаабаса экен кашыма.

Таруу бир чайнап таш бүркүп,
Тарчылык кайдан дечү элем.
Тарчылык түштү башыма,
Жылбай калып эки бут.
Таш жамгыр жаабаса экен кашыма.

Жалгыздык түшүп башыма.
Турмуштун татаал түйшүгүнө чыдадым,
Эки бут ооруп жылдырбай.
Бир башыма беш оору,
Эми мен кандай кыламын

## ЭКИ АКЫНГА

*(1985-жылы Эстебес менен Замир Ак-Талаага келгенде учурашуум)*

Ак-Талаага келипсиз,
Силер үчүн эшик ачык, төр кенен,
Салам айтам силерге,
Учурашып ыр менен.

Учурашып алган соң,
Айтаарсың сөздүн калганын.
Аман эсен жатабы
Аялың менен, балдарың.

Эл-журтун аман жатабы,
Фрунзе шаар борборуң.
Кенен берген билимдин,
Акыйкаттуу чоңдоруң.

Артисттер элге келди деп,
Ар кимден уктук кабарды.
Атым аял болгон соң,
Айта албай турам саламды.

Учурашуу үчүн сиз менен,
Ушундай кылдым далалат.
Эл ичинде эсенчиликте,
Жүрөсүңөрбү саламат.

Алыстан келген акындан,
Кеп сурасам жаманбы.
Көрсөм экен деп келдим,
Таасын төкмө адамды.

Келгенин угуп сүйүндүм,
Атактуу эки булбулдун.
Черин жазып элди күлдүрөөр,
Араңарда куудулуң.

Атагыңар кетип ааламга,
Алыс менен жакынга.
Талпынып чыктың жашында,
Таалайың бар башында.
Оозунда сонун эп болуп,
Ооматың турат кашында.

Акындын ырын укканда,
Албырып кетет бүт денем.
Алга карай жылсам дейм,
Алда кандай күч менен.
Талантыңардын баарынан,
Таанышкым келди сиз менен.

Телевизордон уккамын,
Ырындын таамай нечени.
Жолукканым үчүн сиз менен,
Өзүмдү бактылуу деп сеземин.

Жарыкты мага көргөзүп,
Жакшы бир жолго салаар деп.
Ишенип сизге айтамын,
Бир акылын табаар деп.

Туулган жерим Ак-Талаа,
Тумчугуп көзүм ачылбай.
Туюкта жүрөм аз кана,
Айтылуу акын сизге айтам,
Сырымды айтпай башкага.

Айлананы көргөзгөн,
Айнектей тунук көз тура.
Өспөгөн менде талант бар,
Иштеген ишим сестра.

Учурунда ыр жазбай,
Ушуга кыйын таң калам.
Улгайып өзүм калсам да,
Урматтайт мени заманам.

Балдай таттуу нечен сөз,
Ичимде жүрөт камалып.
Алтынказдын ыры деп,
Калса дейм элге таралып.

Таралса деп элге ырларым,
Таң атканча ойлосом.
Таң атпайт да күн чыкпайт,
Таштап такыр коюуга,
Талантым мени тынчытпайт.

Канаты сынган кептермин,
Учса коноорун кайда билбеген.
Көтөрөөрүм жогунан,
Силерден жардам тилеген.

Бириң болсо баламсың,
Бирин болсо агамсың.
Чыгартып бергиле китепке,
Экөөңдүн бириң жараарсың.

Астыда болсо бул ырым,
Калбаса экен талаага.
Мындай сырды сизге айттым,
Айланайын жан ага.

Тянь-Шандык боломун,
Областыбыз Нарын.
Сиздин жардамыңыз тиер бекен деп,
Ойлонуп жаздым баарын.

Атамдын аты, өз атым,
Ажымүдүнова Алтынказ.
Ак жолду мага көргөзүп,
Агайлар менин көзүмдү ач.

Айланып учкан ак шумкарга,
Окшоп кетет сенин элесиң.
Дайым мени алга сүрөп курчутаар.
Айтып берсең акыл, кеңешин.

Катасы болсо кечирип
Кайра мага жардам бер.
Мен айылдык, элеттик.
Аны өзүң билесиң.
Канткенде колго ала алам,
Акындын бийик сересин.

Ырларымдын жыйнагы,
Баары турат өтө элек.
Талантым ачаар бекенсиз,
Таасириң тийип жетелеп.
Жакшыдан тиет бир пайда,
Жайымды угуп жардам бер,
Карыганда кылдым далалат.

## ЫРААЗЫМЫН ПАРТИЯГА

Кайда барсам адилет партия бар,
Ал менин ата-энем.
Агынан уул, кызылынан кыз берген,
Ала-Тоодой пейли кенен.

Эне бала жүрөктөрүн табыштырган,
Партияга барбы ченем.
Кайда барсам партия бар,
Ал менин бир тууган энем.

Партия берген түгөнбөгөн ырыскы,
Бактылуу кылган уул кызды.
Партия берди колума,
Көктөгү турган жылдызды
Көкөлөтүп чоңойтом,
Көргөзүп жакшы турмушту.

Жарыгы тийген жалпыга,
Жардамы тийген калкыма.
Чын жүрөктөн алкыш айтамын,
Адилет айкөл партия.

Кара кылды как жарган,
Калыс биздин партия.
Жашайын десем үй берди,
Жалгызмын десем,
Кызгалдактай эки кызыл гүл берди.

Партия сага теңдеш жок,
Ааламга тиет жарыгың.
Бапестеп ата-энедей,
Партия тейлейт баардыгын.

Мага да жарыгы тиер деп,
Башынан жүргөм кенебей.
Партия берди жардамды.
Мен кубанып жүрөм ченебей.

Адилет доордо жаралып,
Арманым жоктур кенедей.
Жаркыраган заманда,
Жардамды берген мендей неченге.
Партияга миң мертебе ырахмат.

Бир туугандай там берип,
Кондурган мени конушка.
Чын жүрөктөн алкыш айтамын,
Ырахмат профсоюзга.

## КУДАЙДАН СУРАНАМ

Жалгызсың жалгаар убагың,
Жаратсаң чындап кудайым.
Ушул жалган дүйнөдө,
Ыйманымды сураймын.

Ээй, АЛЛА дүйнө жүзүнө тынчтык бер,
Ар бир аткан таңыңа,
Ар бир баткан күнүңө,
Ыраазычылык билдирем.
Элиме ыйман, ырыс, ынтымак бер,
Токчулук, ден соолук бер.

## АК БАТА БЕРҮҮ

Ээ, жараткан АЛЛА ТААЛА,
Эли журтум, балдарым,
Неберелерим, аман-эсен болуп,
Бак карасын, кыдыр даарысын,
Пайгамбар батасын берсин, байлык дөөлөт,
Берсин, кемибес кенч берсин, узун өмүр жаш.
Берсин, ыйман, ынтымак берсин,
Балдарыңар чыгаан чыгып,
Асмандай бийик болсун,
Көлдөй тунук болсун,
Бакай атасындай сылык болсун,
Манас атасындай улук болсун,
Силерге каршы душмандар
Эшиктен кире албай четтесин,
Үйүңөрдөн, дасторконуңардан,
Ырыс-кешик, береке, токчулук кетпесин.
Элге жаккан жакшы адамдардан болуп,
Жашыңар жүзгө толсун,
Элдин алкышы, он батасы кабыл болуп,
Алтын башыңар аман болсун!

# АТА-ЭНЕ

## АТАМ ЧАЛИК УУЛУ АЖЫМҮДҮН МЕРГЕНЧИ БОЛЧУ

Аргымак минип алкынтып,
Атамдын мингенин айтып берейин.
Аз күнчүлүк жалганда,
Жүргөнүн айтып берейин.

Күлүктү минип алкынтып,
Атамдын мингенин айтып берейин.
Күнүмдүк жалган дүйнөдө,
Жүргөнүн айтып берейин.

Атакем ар кайсы жерге там салган,
Алышып ойноп балдары,
Армансыз ойноп даң салган.
Атакем көрүнгөн жерге там салган,
Көөнү өсүп балдары,
Көбүнчө ойноп даң салган.

Атакем ак зоону басып кырдаган,
Арпага барып бээ байлап,
Арманы жок жыргаган.
Атакем көк зоону басып кырдаган,
Көл сазга барып бээ байлап,
Көңүлү өсүп жыргаган.

Илгеркисин айтканда,
Илбирс алган капканга.
Мурункусун айтканда.
Карышкырды кырып жоготкон.
Акыркысын айтканда,
Аюу алган капканга.

Акбараң мылтык асынып,
Ак зоого барып жышынып.

Аюуну аткан атакем,
Көк бараң мылтык асынып,
Көк зоого барып жашынып,
Көп карышкыр аткан атакем.

Карышкырды көп кырып,
Бүт элинен сооп алган.
Коргошундай ак куйган,
Карышкырды өлтүрүп,
Койчуларга сооп кылган.

Калкагардык жонунан,
Карап турчу күнүгө.
Карышкырдын соңунан,
Карап жүрсө бир күнү.
Илинип түшүп калыптыр,
Илбирстин чоңунан.

Күр-күр этип таптакыр
Кишини жанына жолотпойт.
Көздөрүн ачып, жумуп
Кишини такыр тоготпойт.

Жыгачты кептеп оозуна,
Башына капты кийгизип,
Абыдан катуу таңышты
Жытын билип илбирстин,
Кошкуруп аттар жолотпос,
Аттын көзүн далдаалап,
Илбирсти арта салышты.

Арта салган илбирстин,
Буттары сүйрөлүп калыптыр.
Машина жок ал кезде,
Бөксөдөн алган бөрүнү,
Колоттон алган коёнду,
Орто-Сырттан Ак-Талаага,
Азуусу курч илбирсти,
Алып келиш оңойбу.

Албаганы калган жок,
Ала-Тоонун боорунан.
Илбирсти алып өткөзгөн,
Зоопарктын торуна.
Эки кулагынан тең кармап.
Атамдын түшкөн сүрөтү,
Азыр менин колумда.

Атам болсо Арпада,
Көп жылдан бери жылкычы.
Талаада деп малдарым,
Келчи эмес уйкусу,
Карышкыр тийчү эле түнкүсүн.

Аскерден балам келди деп угуп,
Арпадан Ак-Талаага учурашып келем деп.
Эт, кымызын артып бир атка,
Өзү бир атка минип,
Ак-Талааны көздөй жөнөдү.

Узак сапар тарткан соң,
Күүгүм кирип кеч болот.
Капчыгай ичи көрүнбөйт,
Аңгычакты аттар кошкуруп,
Коркунучтай кан сиет.
Карай калса бурулуп,
Үч карышкыр ээрчип алган артынан,
Ошон үчүн аттар тартынган.

Көрөөр замат аларды,
Ат үстүнөн ок атат.
Караңгынын айынан,
Аткан огу түз тийбейт.
Жалгыз огу калганын,
Өзү да билбейт.

Айласы кетип ширеңке чагат,
Мелүүн жел жүрүп,
Ширеңкесин өчүрүп салат.
АЛЛАДАН жардам болуп
Аңгычакты ай чыкты,

Айланасын караса,
Алдынан үйдөй жалпак таш чыкты,
Ошол таштын далдаасына жашынып,
Жалгыз огун октогон соң,
Ач бөрүнүн эң чоңун атып калат аярлап,
Ок тийген бөрү жыгылат,
Калган экөө качып кетет,
Карышкырды жыга чаап,
Арткы атка таңайын десе,
Аттар кошкуруп жолотпойт,
Араң танат,
Бир топтон кийин,
Арткы ат кошкуруп тыбырчылайт.
Көрсө чала өлгөн карышкыр,
Аттын чандырынан тиштеп жатыптыр,
Кайра аны абдан өлтүрүп,
Араң үйгө алып келгем дейт атам.

Ак бараң мылтык асынып,
Ак зоодон аткан текесин,
Айтамын сөздүн чекесин.
Көк бараң мылтык асынып,
Көк зоодон аткан текесин,
Көргөзгөн сөздүн чекесин.

Мамыдан тулпар тандашкан,
Баатырлар менен жандашкан.
Тушуна тулпар тандашкан,
Туйгундар менен жандашкан.

Аргымак атын коштогон,
Аркырап төөсү боздогон.
Күлүгүн минип коштогон,
Күркүрөп төөсү боздогон.

Ак бараң атып туздаган,
Атакем Арпага жайлап күздөгөн.
Көк бараң атып туздаган,
Текелүү төрдү күздөгөн.

Ителги тууган тоолордон,
Илбирсин аткан зоолордон.
Карышкыр аткан тоолордон.

Түз ашууну ашканда,
Түн катып жылкы качканда.
Ит алганча жете барчу эле,
Изин кууп жөн таппай
Атам карышкыр атып алчу эле.

Тоодон тосуп түн катып,
Томукка атып аксаткан.
Токойдон алып бөрүнү,
Тоого уулутуп какшаткан.

Көркоолорду жайлаган,
Көр ачып жаткан жеринен.
Аюуларды сулаткан,
Кач буранын белинен.

Аргымагын үйрөткөн,
Айдаган жылкы четинен.
Жырткычтарды сулаткан,
Аркайган зоонун бетинен.

Бөксөдөн атын коштоткон,
Бөлтүрүгүн алганда,
Бөрүлөрдү боздоткон.
Кайкыдан атын коштоткон,

Камап алып балдарын,
Карышкырды боздоткон.
Кайкыдан атын чуркаткан,
Катыра кууп артынан,
Карышкырды сулаткан.

Бөксөдөн атын чуркаткан,
Бөрүлөрдү кетирбей,
Кууп жүрүп сулаткан.

Короодон коюн кырдырган,
Коктудан тосуп бөрү атып,
Койчунун жанын тындырган.
Ээрчип жүрсө ээ кылбай,
Элдин малын жеп алган.
Эрикпей кууп артынан,
Атам карышкырдан кек алган.

Кар жааганда из чалып,
Кайкыдан аткан атасын.
Карышкыр атты деп угуп,
Калың эл берген батасын.

Күн жааганда из чалып,
Карышкыр изин байкаган.
Карышкыр атты деп угуп,
Калың эл баары алкаган.

Караңгыда түн катып,
Карчытка атын аксаткан.
Камап алып балдарын,
Атам карышкырды какшаткан.

Ак бараң мылтык жонунда,
Ажыдаардан коркпогон,
Аятыл күрсү койнунда.
Корккон эмес өлүмдөн,
Кырк баатыр болуп көрүнгөн.

Жайкысын жайлаган,
Сабаада кымыз кайнаган.
Абасы жакшы салкын деп,
Ак-Сай Арпа жайлаган.

Ак зоонун башы шуулдап,
Арстандар ээрчип чуулдап.
Ак зоонун башы шуулдап,
Көркоолор ээрчип чуулдап.

## АТАМ ЖЫЛКЫЧЫ БОЛГОН

Атам он жылдан ашык жылкычы болгон,
Арпанын Миң-Бугу деген эң алыскы жерине конгон.
Мергенчилер менен чогулуп,
Аң улоого чыгышкан.
Ар бирөө бирден ат коштоп жарышкан,
Тамак ашын беш күндүк кылып,
Камдап алышкан.
Мергенчилер беш күнү тынбай,
Кийик атып, бугу атып,
Моокумдары канышкан.
Аң уулашты,
Жанындагы жан жөкөрлөрү,
Башка жерде жүргөндө,
Атам аска зоого чыгып,
Дүрбү салып караса,
Чытырман токой-караңгы,
Карыш басса адашчудай,
Аябай коркунучтуу жер экен.
Бир маалда атам,
Ары жакта үч аюунун,
Оттоп жүргөнүн көрөт.
Акырын билгизбей,
Боору менен жылып отуруп жакындайт.
Бурулуп кетээринде арткы чоң аюуну,
Атып калат.
Аюу жыгылат,
Мергенчилер чогулуп,
Аюуну алып кетишет.
Аңгычакты атам зооканын боорунан,
Карышкырдын уюгун көрүп калат.
Акырын өңүп барып жакындаганда,
Карышкырлар адамдын жытын сезип,
Уюгунан атып чыгат.
Атам жакындап барып эркегин атып калат.
Канчыгы качып кетет,
Үңкүрдүн ичине барып караса,
Жаңы эле беш күчүк тууптур.

Карышкырдын канчыгы кыйын болчу эле,
Кекчил болчу эле,
Менден өч алат деп,
Аны өлтүрмөйүнчө кетпейм деп,
Калып калат.
Беш күндөн бери,
Чарчаган мергенчилер,
Алган олжолорун артып алып кетишет.
Атам болсо калды,
Атам беш күнү күзөтүп,
Канчыкты аңдыса,
Акылдуу канчык карматмак турсун,
Көзүнө көрүнбөй койду.
Ошол күндөрдүн ичинде,
Бир окуяга туш болот.
Кеч кирет канчык эч бир аттырбайт.
Кеч кирет айлана чытырман токой.
Ай караңгы,
Ала баш, Ала төш деген,
Карышкырга кол салган,
Кыраан эки тайганы болгон.
Кийикти бурчатпай жетүүчү,
Күлүк эки тайганы бар эле.
Ээр токумун башына жаздап,
Көрпөчөсүн алдына салып,
Чепкенин жамынып жатып калат.
Бир убакта байлануу айгыр тыбырчылап,
Жер чапчып,
Иттер уулуп каңшылайт.
Чарчаган атам такыр туйбайт,
Бир маалда үстүндөгү чепкенин,
Бирөө тартып сыйрып жаткандай болот.
Эки тайган коркконунан,
Атамдын койнуна кире качат.
Атам чочуп кетип ойгонуп,
Дүрмөттөлгөн мылтыгы менен,
Эки жолу атып калат.
Ошондо катуу кыйкырган чаңырыктан,
Зоо кулап жер термелип кеткендей болот.

Көпкө чейин эс ала албай,
Бир топтон кийин эсине келет.
Байлануу аты корккконунан,
Кан сийип ийет.
Тан атканча уйку көрбөй чыгат,
Ошол окуядан кийин,
Атамдын эки кулагы такыр укпай калган.
Таң аткандан кийин канчыкты аңдып,
Дагы бир күн түнөөнү чечип,
Аңдыса баягы кыраакы канчык,
Такыр көзүнө көрүнбөй таптырбайт.
Айласы кетип атам,
Үйдү көздөй жөнөйт.
Келсе чапчактай бээсин,
Баягы канчык жара тартып,
Жеп кеткен экен.
Бул өнөрүн карышкыр күнүгө кайталайт.
Байкуш атам күнүгө,
Бирден жылкысынан айрылат.
Айласы кетип атам,
Жылкыларды Байгөнчөк айылына,
Айдап түшсө,
Карышкыр жылкынын изи менен,
Тинтип келип,
Короого чейин кирип жылкыларга,
Кол салганы жатканда,
Көрүп калышат.
Балдарынын баарын күзөткө коюп,
Кайтартып коёт.
Жанын жай алдырбай койгондо,
Айласы кеткен атам,
Жылкыны өткөрүп берип,
Устачылык кесипти аркалап кеткен.
Боз үй, уук керееге, түндүк жасай баштады.
Эртели кеч жүгөн куюшкан өрүп,
Надырбек аттуу баласын кошуп алып,
Жасаган буюмдарын сатышчу.
Бул баласы атамдын жолун жолдоп,
Колунан көөрү төгүлгөн уста болду.

Атам боз үйдүн сыртын жасаса,
Апам ага үзүк, туурдук,
Чий чырмап терме боолордун баарын терип,
Боз үйдүн ичи тышын,
Келиштире жазап турган.
Апам ууз балуп,
Түрлүү ичикти түрлөнтө жасап,
Карышкыр ичикти кайкалата жасап,
Кыздарга кундуз тебетей,
Эркектерге суур тумак,
Көрпө тумак тигүүчү.
Шырдактын ар түрдүүсүн жазаган,
Апам да аялдардын арасынан чыккан,
Ууз аял болгон.
Майрам сайын эңишке
Күрөшкө түшүүчү.
Эч бир жеңилген эмес
Бул эле эмес,
Эл алдына айтыштарга да чыгып,
Көп акындарды сөзгө жыккан.

## АТАМ БОЛГОНУ КОЛХОЗЧУ

Күн-түн тынбай чырым албай уйкусун,
Атам баккан колхозумдун жылкысын.
Фляга-фляга апам саап жөнөтчү,
Колхозума байтал бээнин кымызын.
Нечен жыл болуп бригадир,
Өз элине арбын эмгек жараткан.
Ал кезде трактор камбайн жок болчу,
Орок менен машакты колго тердиртип,
Анда да атам алга карай бараткан.
Атам иштеп колхоздон бир кашык сууну үнөмдөп,
Жыл сайын сугат сугарган.
Гектарынан 45 центнер дан алып,
Элине Кызыл Туу алган.

## АПАМА

Баа жеткис баккан эмгектен
Уктабай бешик терметкен
Жакшы окуп эстүү болгун деп,
Ак жолду мага көргөзгөн.
Эч теңдешсиз ак эмгегине,
Керек болсо аябайм каным жаным,
Актасам деп тилеймин ак сүтүңдү,
Айланайын апаке аткан таңым.
Кебелбеген кен элең,
Биз үчүн жасап бүт белен.
Кетирсем ката көбүрөөк,
Акырын айтып сөз менен.

## АПАКЕМ

Апакем ак маралдай керилген,
Айтаарга сөздөн эринген.
Ак элечек аялдын,
Алдыңкысы сен элең.
Апакем көк маралдай керилген
Көп сүйлөөдөн эринген,
Көк элечек аялдын,
Көрктүүсү сен элең.
Асманга учкан ак шумкар,
Айланып көлгө конуучу.
Ак-Талаанын ичинен,
Апакем абдан иштүү болуучу.
Көкөлөп учкан көк шумкар,
Көлгө айланып келүүчү.
Көп аялдын ичинен,
Көрүнүктүүсү болуучу.
Кереген башы калайдан,
Келбеттүү элең далайдан.
Уугуңдун учу калайдан,
Урматтуу элең далайдан.
Ийнесин ийе байлаган,
Иш дегенде шайлаган.

Оймогун ийе байлаган,
Оюу десе шайлаган.
Оюусун атка теңдеген,
Он жубандын ичинен,
Олуттуусу мен деген.
Саймасын атка тендеген,
Сан жубандын ичинен,
Сапаттуусу сен элең.
Карга бир конгон сагызган,
Кымызын суудай агызган.
Адырга конгон сагызган,
Айранын суудай агызган.
Сайга бир конгон сагызган,
Саамалын суудай агызган.
Оймогуна гүл төккө,
Он жубанга сын таккан.
Саймасына гүл таккан,
Сан жубанга гүл таккан.
Кызылдуу кийдиң жеңи жок,
Кыйналбай оттун кеми жок.
Буулумду кийдиң жеңи жок,
Буралып оттун кеми жок.

Кыздарды туудуң эгиздеп,
Кызматын көрөөр кезинде.
Кыямат кеттиң негиздеп
Курама туштук кураган,
Кудайдан бала сураган.
Сурап көргөн балдардын,
Убайын көрбөй кулаган.
Аман калган адам жок,
Ажалдан жаны сакталып,
Алтымышка чыкпадың.
Сакалыңды ак чалып,
Алтын ээр куш башым,
Арманда болду жаш башым.
Күмүш ээр куш башым,
Күйүттө болду бул башым.
Эшигинде ак кийиз,
Эшендер кирген үйүңүз,

Босогондо ак кийиз,
Пайгамбар кирген үйүңүз.
Сур ичик кийсе жарашкан,
Сур волга минип бел ашкан.
Шум ажал башка келгенде,
Сумсайып элден адашкан.
Ак ичик кийсе жарашкан,
Ак волга минип жарашкан.
Алдына ажал келгенде,
Айласыз элден адашкан.
Көк ичик кийсе жарашкан.
Көк волга минип бел ашкан.
Көрүнө ажал келгенде,
Көз көргүс элден адашкан.
Бозоргон тордун шалбаасын,
Шум өлүм бозортот адам айласын.
Карарган жердин шалбаасын,
Шум өлүм какшатат адам баласын.
Ак тийген тоонун күкүгү,
Алтындан болчу түркүгү.
Сен ажырап кеттиң элиңден,
Күн тийген тоонун күкүгү,
Күмүштөн болчу түркүгү.
Түркүгү сынып белинен,
Бей ажалдын айынан,
Бөлүнүп кеттиң элиңден.

# АТАКТУУ АДАМДАРГА



## КУЛМАТОВ АЛМАЗ ОКИНОВИЧКЕ

Атаң-энең айткан акылдай,
Айнектей көзүң ачылды.
Өчпөс нур тийген күн менен,
Алга карай баштадың.

Өмүрдүн алтын жылдызы,
Өзүңдүн өскөн жаш чагың.
Эл үчүн эмгек кылып эбегейсиз,
Көп ишти баштаган.

Жыл сайын эл кубанып,
Майрамдап ат чаптырып.
Бермет жалга,
Эл отурсун деп кыдырата,
Олтургучтарды койдурган.

Эл карап турганга,
Сахнаны курдурган.
Бермет жалдын эл отурчу,
Бүт тегерегине.

Кайың, тал, арча, бактарды тиктирген,
Ажааткана салдырган,
Дайыма карап туруууга,
Кароолчуну койдурган.

Көйкөлгөн арча кайың бактын жытына,
Көңүлдүн чери жазылат.
Кийин өсүп калганда.
Ат чапкан жерди көрсөк деп,
Ар бир адам ашыгат.

Келечекте билимдүү адам болсун деп,
Мектептеги балдарга бердиң жардамды.
Көңүлүн көтөрүп шыктандырып,
Билимге шыктандырдың балдарды.

Какшыган жерге бак тиктирип,
Ээн талаага жан кирип.
Кыштактан ылдый Ичке-Сууга карай жете,
Арык каздырып таза суу чыгарттырдың.

Арча, кайың, тал, бак тиктирди далайын,
Ар бир адамга керегин тийсин деп,
Арис мекемени ачтың.
Ар бир жерге таза суу чыгарып,
Элиңдин эңсеген көңүлүн таптың.

Тегерете арча кайың бак тигип,
Тигилген арча бак жетилип.
Үч жүз арча кайың бактарды,
Отургузуп уюштурган гүл бакча,
Абасыз суусуз жашай албайт эмеспи.

Беш жерге таза суу чыгарган,
Айланасына таш төктүргөн.
Бак-дарактарды тегеретесине өстүргөн,
Элиңдин көп жарадың керегине.

Журтуңа ар убакта таяныч бол,
Кубанам журтка толгон мээримине.
Тынч албас түйшүгүңдү элестетсем,
Төбөдөн нурун чачкан күнгө тете.

Арнагын ак эмгегиң элге жерге,
Ал мээримиң адамдык сапат эмей эмине.
Алдыңкы тынбас адамдын,
Унутулбайт эмгеги.

Күн жааганда кулпунган,
Гүлдөгөнүн келет карагым,
Тигилген бак-дарактардын.

Пейлиң аппак мээримдүүсүң ар дайым,
Эл ырахмат айтат күн сайын.
Көп иштесе эл билет анын баркын,
Жүздөрү жадырады биздин калктын.

Сен өскөн бийик чокудай,
Бийикке жетсин турмушуң.
Аман болсун уул кызын.
Бүт элге даңкың таралып,
Бийиктеп өскүн жылдызым!

## АК БАТАМДЫ АРНАЙМЫН

*(Акын Өмүрбек Дөлөевге)*

Бир аял төрөйт баланы,
Ал жакшы чыкса эл ырысы.
Ал элдин асмандагы чолпон жылдызы,
Көп болсо экен деп тилейм,
Калкымдын мындай уул кызы.

Бир аял төрөйт баланы,
Ал жакшы болсо эл баласы,
Калк канаты,
Калеми дайым курч болуп,
Өсө берсин таланты.

Өркүндөй берсин өмүрү,
Таланттын өткүр чебери.
Аман-эсен болсо экен,
Калкына тийип кереги.

Шүкүрбек, Мусадай болот деп эңсейм,
Калк баласы Өмүрбекти,
Өзүмдүн бир тууганымдай,
Баламдай сезем!

Ташкындай берсин таланты,
Өз элимдин кулуну.
Арнап жаздым балама,
Ак бата берип ырымды.

## БАЕТОВ МУСАГА

Киндик каны тамган жер,
Байгөнчөк аттуу кыштактан.
Баетов Муса өндөнгөн,
Булбулдар өскөн бул жактан.

Тоо булбулу Мусакем,
Ааламга атын чыгарды.
Баетов болуп жергебиз,
Бардык элиң кубанды.

Ардактуу акын аганы,
Ар дайым ойлоп эстейбиз.
Акылга акыл кошулду,
Эми ар дайым ак иштейбиз.

Ак-Талаанын элинен,
Байгөнчөк деген жеринен.
Баетов Муса ондогон,
Күкүктөй үнүн таңшытып,
Кимдин уулу дедирткен.

Эртелеп эрте турамын,
Мусанын үнүн угамын.
Эригип дайым токтобой,
Уйкудан безип чыгамын.

Тынымсыз ырдап шаңкылдап,
Дүйнөдөгү жарык чырагын.
Муса тирүү ырдасын,
Элибиз аны сыйласын.

Булбулдар менен ырдашып,
Жеңип чыккан кыйласын.
Айтышып ырдап күн-түнү,
Учурда Муса тынбасын.

## МҮСҮРАЛИЕВА БАКЫЙГА

Атактуу чабан аталып,
Мал менен өсүп өнүккөн.
Кой кыркын пункт жайгашкан,
Арпанын узун булагын.
Мал семирет жесе туланын,
Арбын жүндү, төлдү көп алып,
Аткарчу дайым планын.

Ырахматын алып орустан,
Бирге жүрүп, бир жешип,
Усубалиев, Кулатов
Съездде бирге болушкан.

Үч жолу болуп депутат,
Мурунку өткөн жаштардан.
Чакырган сайын Москвадан,
Съездге барып катталган.

Ардактуу чабан аталып,
Депутат чыккан аялдан.
Ленинград, Москва,
Эжемдин барбаган жери калбаган.

Иштеген иши жагынан,
Республикага таанылган.
Эки Ленин орденин тагынган,
Эмгеги менен жагынган.

Ак эмгек менен жетишип,
Элине жаккан акыры.
Эмгекчил эжем Бакыйжан,
Эмгектин болгон баатыры.

Эмгектен таап байлыкты,
Бакытка таалай уланып.
Ардактап багып өстүргөн,
Балдарынын баарысын.

Кызматын кылып талыкпай,
Ак эмгеги менен жетишип.
Эжекем тагынган эмгектин,
Ардактуу алтын жылдызын.

## ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВГЕ

Үлгү бир алып өзүңдөн,
Өркүндөп өссүн уул кызың.
Элиңден урмат, эмгегиңден баар таап,
Мына тагындың эмгектин алтын жылдызын.

Талыкпай эмгек өтөсө,
Таалайын табат ар адам.
Сексенден ашып, токсон жашка чыкканча,
Ташкында таштап дагы кадам.

Каалаганын ишке ашып,
Орундалды оюңуз.
Куттуу болсун куттуктайм,
Бүгүнкү ак тоюңуз.

## АЖИЕВ ДЕРБИШКАНГА

*(Обончу)*

Унутулат улам улам жаш чагын,
Улгайганда туш болгон,
Бул тагдырдын казгагын.
Көргүм келбейт айланайын калайык,
Жердешимдин алсыз болуп жатканын.

Жаш кезекте жалын курак,
Өтө берет бир кезек.
Жашоо кыйын, турмуш кыйын
Бул тагдырга не десек
Оору басып алдан тайып турганда,
Көңүл көтөр, элге арнап көп эмгек.
Бир кезекте кыяк тартып, ыр ырдап,
Дербишкан жүрчү эмес беле буластап.

Эмгегин баалап бул үлпөткө чогулткан,
Баарыңарга чын жүрөктөн ырахмат.

Таланттын даңкын чыгарып,
Абыдан алып көңүлгө.
Ырахматымды айтамын,
Ушундай ишти улантып,
Ким көтөрсө демилге.

## ЖАЛИЛ СЫДЫКОВ ИНИМЕ

Асманда күндөй жаркырап,
Менин ар намыс күчүм бир тууган.
Алкышымды кабыл ал,
Аз болсо дагы тамчыдан.

Акын деген Ала-Тоонун тоо кушу,
Асыл өмүр жыргап өтөр жол ушу.
Талантың өсүп келечегиң кең болсо,
Ак-Талаа эне сүтү, ата күчү.

Эрезеге жеткирген,
Эмгегин ойло энеңдин.
Акылың, талантың өсө берсин,
Айланайын иничегим.

Бакыт таалай коштоп жүрсүн жанаша,
Талбай иште тоодой сыймык сен үчүн.
Талантың өсүп Мусадай,
Сыймыгыбыз болгун ар дайым.

Жаңы өскөн гүл кайырдай бөбөгүм,
Ата журттун намысын бүт колго алып.
Канатташым, таянаар тоом, жөлөгүм,
Калмурат, Калый, Мусанын,
Улагын калган өнөрүн.
Дилиң таза, идиректүү өсө көр,
Тилегиңе, кыялыңа жете көр.
Келечекте мекениңе кызмат кыл,
Мына ушул өзүң үчүн чоң өнөр.

Сен талантты турмушуңдан үйрөндүң,
Эл ишине чурка, мейли калса үйдөгүң.
Алкышыңа болсоң экен татыктуу,
Журт иши сенин башкы сүйгөнүң.

Бакыт берсин баалай билгин баркыңды,
Талантың бар, бааң көккө артылды.
Биздин элден дагы акын чыгаар дейм,
Бир кылчайып карап көрчү артыңды.

Сен өскөн бийик чокудай,
Бийикке жетсин турмушуң.
Бүт элге даңкын таралып,
Бийиктеп өскүн жылдызың.

Кабылып түркүн турмуш элегине,
Элиңдин көп жараарсың керегине.
Журтуна ар убакта таяныч бол,
Кубанам калкка кызмат берээриңе.

Акылың менен талантың,
Арбый берсин күнүгө.
Ак батамды беремин,
Жалил сендей иниме.

Тынч албас түйшүгүңдү элестетсем,
Төбөдөн нурун чачкан күнгө тете.
Арнагын ак эмгекти элге жерге,
Ал эмгектин акыбети эмей анан эмне.

Болом деп адам ойлосоң,
Талапка көңүл койгон оң.
Кесипти танда жактырып,
Кебелбей иште ошондон.

Туткасын тапсаң бакыттын,
Турмуштун жолун тың басып.
Урунуп элдин көзүнө,
Мөөрөйдү алсаң таланттан,
Эл тирек болот өзүңө.

Анда сен элиңдин бактысысың,
Кетпес менден кемибеген ынагым.

Жыргал күндүн жылдыздарын чогултуп,
Мен элиме белек кылып сунамын.

Сен элиңе жаштык берээр дары таап,
Өмүрлөрүн көк жайыкка кармасаң.
Жамгыр менен эл эңсеген ырлар жаап,
Күлкү шаттык бейпил эмгек арнасаң.

Чаңкаганда боло көргүн мөл булак,
Акын келсе таң алдында ыр сунат.
Арча кайың карагайы жаңгагы,
Элим үчүн турган болсо гүл курап.

Акындарды даңктаганы жүйөөлүү,
Өсө берсин таланттардын үрөнү.
Кагылайын касиеттүү таланттар,
Акылдардын, илимдердин түнөгү.

Таланттан талбай иштесең,
Элиңе даңкың дүңгүрөйт.
Талантыңды көрүп ичимден,
Теңдештирбейм күч менен.

Талантка кунт кой, тур ылдам,
Ал гүлдөтөт өмүрүңдү.
Өксүтпөйт сени турмуштан,
Өркүндөтөт гүлдөтөт.

Ааламда үзүлбөгөн үмүтүмсүң,
Максаттын маарасына сүрөн болуп.
Эл керегине жараган,
Өлкөңө тутку болгун.

## ДӨЛӨЕВ ӨМҮРБЕККЕ КААЛОО

Алтымыш жашың кут болсун,
Алган жарың өзүңө жуп болсун.
Акынга ачык көңүл, тынчтык керек,
Ал тынчтыкты өзү берет Кудайым.
Акылга акыл кошуп кубат берет,
Тирек болуп жубайың.

Кыргыздан кыйын бала чыкса,
Жакшысын тандап,
Жанына алып өзүңдөй өстүр.
Кыргыздын баласы экениңди,
Дүйнө жүзүнө сездир.
Артыңа өчпөс из калтыр,
Ыр чыгарып тынбагын эч бир.

Сексенден ашып,
Токсонго жетсин жашың.
Сага тең келе албайт.
Касташкан касың.
Өмүрүң узун болуп,
Аман болсун алтын башың.

Элиңден жакшы бала чыкса,
Ал элиңдин баласы.
Менин да балам,
Дүйнөгө аты чыкты деп,
Тынды санаам.
Ар кандай кырсыктан,
Сактасын АЛЛА ТААЛАМ.

## КАРАСАРТОВ САГЫНБЕК ИСАКОВИЧКЕ

*(РЭСтин контору жаңы бүткөндө)*

Окутуп мыкты адистен,
Маңдай терин төктүргөн.
Ата-энесине ырахмат,
Сагындай уул өстүргөн.

Көрө албастардан жеме укса,
Таразалап көтөрө билген.
Элиңе адилеттүү жетекчи
Эс, акылды көп билген.

Сагынбекти кошо куттуктап,
Арнайын дейм сөз гүлдөн.

Көрбөсөм муну айта аламбы,
Көчү болсун байсалдуу.

Он алты бөлмө, эки этаж,
Кимдин кимдиги байкалды.
Төш какпас ишкер экени
Ойлонтуп койду жаштарды.

Зым оту такыр өчпөсүн,
Чыныгы иши эми башталды.
Куттуу болсун Сагынбек
Куттук айтат жаш-кары.

Электр жарык отубуз,
Эптүү сөздө бололу.
Кирип алды конторго,
Сагынбек кырк чоролуу.

Депутатка да талапкер,
Көңүлгө мындай толобу.
Мендей кары колдосо,
Эл колдобой коёбу.
Исактын Сагын тукуму,
Көрктөп турат чорону.
Узун болсун өмүрү,
Ачык болсун көңүлү.

Жамаатына жарыктай,
Жашасын дайым көрүнүү.
Сак болуп бөөдө кырсыктан,
Ээлесин көңүл төрүндү.

Эмгегине РЭСтин ырахмат,
Элине көңүл бөлүнүү.
Аман болсун ар убак,
Алкышыбыз төгүлүү.

## БЕРИКБАЕВ ДӨӨЛӨТБЕККЕ КААЛОО

Кары-картаң адамдын,
Абалын сурап бир-бирден.
Жашоосу жакшы болсун деп,
Жаркыратып там берген.

Жашоо шартын текшерип,
Улам сурап себебин.
Маңдайын сылап жетимдин,
Көтөрүп көөнүн эненин.

Даталуу майрам күндөрдө,
Жалгыз бой кары картаңга.
Берип турчу белегин,
Алкыш алып баарынан.

Эки этаж кылып мектепти,
Коңорчокко салдырган.
Адам болсун деп жаштарды,
Алдыга сүрөп дем берген.
Азыркы өскөн жаштардан,
Ак-Талаанын элин, 1986-жылдары.
Эбегейсиз зор эмгек менен,
Он жылдан ашуун башкарган.

Иштеген иши жагынан,
Республикага таанылган.
Залкар адамдарды ээрчитип келип,
Элине берген демилге.

Аттык килем алып келип,
Мечиттин салган төрүнө.
Атанын жолун жолдодуң,
Орундалсын ойдогуң,
Кыдыр колдоп дайыма,
Ата-энеңдин арбагы колдосун.

Кажыбас кайрат курч акыл,
Кудайым сага ыйгарган.

Карып калды эжем деп,
Мени пенсияга чыгарган.
Азыр да жашап турамын,
Алмашып берген тамында.

Жакшы чыкса баласы,
Жакадагы кундуздай.
Аман-эсен ээрчишип,
Жүргүлө Карыпбек менен Дөөлөтбек,
Асманда эки жылдыздай.

## ОТОРОВ ТАБРИСКЕ

Оторов Табрис (1924–1991) Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген устаты (1976), 1946-жылдан баштап башкы чабан, ферма башчысы болуп иштеген, ферма боюнча ар 100 койдон 100дөн ашык төл алган жана аман асыраган, 1971–1975-жылдары Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп жүрүп, 2 Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар менен сыйланып, ысымы орто мектепке берилген.

Жаш кезинден такшалып,
Колхоздун малын бакчу элең.
Чайкап ичип кымызын,
Шиберге оонап жатчу элең.

Сабаада кымыз кайнаган,
Сазына бээсин байлаган.
Көбүнчө төлдү көп алып,
Өкмөттүн көөнүн жайлаган.

Жаштарга насаат үйрөтүп,
Көрсөттү элге үлгүсүн.
Ак эмгек менен жетишип,
Тагындың алтын жылдызын.

Элдин камын көп ойлоп,
Келтирген пайда өлкөгө.
Талабын элдин аткарып,
Жол салдырган Соң-Көлгө.

Өкмөткө жагып көп жылы,
Аткарып ашык пландан.
Ар бир койдон ак була,
4 кг 900 гр жүн алган.

Нечен жылы бир жүрүп,
Мал менен өсүп өнүккөн.
Жылдан-жылга мал көбөйүп,
Атактуу Арпа жайлоодон,
Жайыт жетпей келишкен.

5 миң гектар жер кесип,
Болуп алган Оторов.
Ат-Башылык чериктен,
Берилип туура иштеген.
Бет алган жерден туш келсе,
Автобусту каттаткан.
Ак-Талаа менен Бишкекке.

Насааттык айтып үйрөтүп
Тарбия берген жаштарга.
Водопровод орнотуп,
Суу чыгарган Акталга.

# ТУУГАНДАРГА



## АСКАРДЫН УЛУУ КЫЗЫ ЧОЛПОН

Аскардын улуу кызы Чолпон күйөөсү Волек,
Экөө абыдан жакшы жашайт.
Сегиз комнат тамы бар,
5 эркек 3 кызы бар.
Эки кызы күйөөдө, эки кызы институтта,
Үч баласы аял алганы турат.
2 уул 1 кызы мектепте окуйт.
Баары ынтымактуу аябай,
жакшы жашайт.
Короосунда кою бар, уйу бар, букалары,
мончосу бар, балдары бүт иштейт өзү.
Чолпон элүү жашка чыкты.
Уул үйлөтүп, кыз берип,
Олтургун уулдун төрүндө.
Куттуу болсун куттуктайм,
чыгыптырсың элүүгө.
Узагын сүрүп өмүрдүн,
Улууларды сыйлап өт.
Ырыскыдан кем болбосун үйүңөр,
Ырахатын берсин жашоо күнүгө.
Уул кыздын урмат сыйын көрүп,
Эч оорубай узак өмүр сүргүлө.
Үч миң сомдук алтын шакекти
белекке берип сактап койгомун.
Элүү жылдык тоюнда болгомун.



Алтынказ апа келини, уул-кыздары менен.

## КЫЗДАРЫМА

Бел кылып сени эки кыз,
Айланып сүйүү жүзүңдөн.
Алдымдан чыксаң апалап,
Албырып жүрөк эзилген.
Каралды мага болоорсуң,
Бой жетип аман жетилсең.
Өлбөй аман мен болсом,
Тилегиңе жеткизем.
Айланайын жетимчем,
Оозумду ачып өпкөнүм.
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Кыздуу болсом деп тилеп.
Түшүмдө дейм кызыл гүл,
Тандап тергеним.
Кут кылсын деп тилеймин,
Кудайымдын бергенин.
Көргөн сайын көңүл ачып кубанам,
Көрбөй калсам не болду деп муңаям.
Эки кызым жанып турган жылдызым,
Силерсиз мен кантип жашап тура алам.
Ооруп калса өпкөсүн чаап делбирет,
Эне чиркин мээримин төгөт элжиреп.
Эне бала экөөнү бөлүп башка деп,
Кээ бирөөлөр айта берет келжиреп.
Бактылуу болоор бекенсиң,
Билим алып мектептен.

Кыздарым жаш мен кары,
Тагдырым мени эстеткен.
Таалайлуу болсоң кыздарым,
Тарбия алып мектептен,
Силер жаш минтип мен кары,
Далайларды эстеткен.
Ууру, ушакчы болбогун,
Эстүү бол калп айтпаган.
Жакшы адам болуп өскүлө,
Келечекте эл ишеничин актаган.
Өткүр бол кызым тартынба,
Эл карайт сенин шартыңа.
Мен ойлосом жетим болбойсуң,
Атакең сенин калк тура.
Башыңа кокус иш түшсө,
Ким жайын дайныңды,
Башкадан акыл сурабай,
Сен акимдерге кайрылгын.
Үйлөнөөрдө тоюна,
Камсыздандырып койгомун.
Аларда акчаң миң болоор,
Тамың бар оокат жетишет.
Күйөрман агаң-иниң жок,
Ойлонуп ичиң муң болоор.
Алладан сурап ар дайым,
Аманын тилейм башыңдын,
Айланайын алтын кызым асылым.

Кокус өлсөм кайда калат кыздар деп,
Сай сөөгүмдөн түтүн чыга жашыдым.
Жакшынакай өстүрсөм,
Жаныңдан чыкпай бир кадам,
Эстүү болуп чоңойсоң,
Келечекте болоорсуңар бир адам.
Ой ойлонбой кубанам,
Сен ойноп күлүп каткырсаң,
Онунчуну бүткөрүп, чоң окууга тапшырсаң.
Жаралганыңа сүйүнгүн,
Бул замандын доорунда.
Институтту бүткөрүп,
Диплом алсаң колуңа.

Көлөкө бетке түшүрбөй,
Жарыгын издейм күнөстүн.
Талантың болсо көрөөрсүң.
Замандын гүлдөп турган,
Бул кездин.
Жыгач комуз ооз комуз,
Такшалтып сага үйрөттүм,
Бир уядан чыккандай,
Ынтымактуу болгула,
Окууга көңүл бургула,
Көп оюңду жойгула.
Сырдашса бирге сырдашып,
Бири-бириңерге эже-сиңди болгула.
Ыйлашса бирге ыйлашып,
Оорулуу болуп турамын.
Эгер кетип калсам кырды ашып,
Арты кийинин тең ойлоп,
Ата-эне кыйын балага,
Жалгызмын деп көп ойлоп,
Калбасын деп санаага,
Карыганда,
Тууп аны сага коштум.
Акылжан сиңдиң жанында.
Эже-сиңди эки кыз,
Ээрчишип жүргүн садага.
Акылжан менен Жыргалым,
Кубанычым менин эрмегим,
Кут кылсын деп тилеймин,
Кудайымдын бергенин.
Окууну жакшы окуп билим алсаң,
Бул сенин түгөнбөгөн таалай бактың.
Колумдан оор жүктү алып кыздар.
Кубантып апаңардын жаркын жазын,
Карыганда мага оору да келди адат болуп,
Жолуктуңар өзүмө,
Канат болуп, бутак болуп,
Жакшы окуп билимиңди өркүндөтүп,
Өскүлө акылдуу да эстүү болуп.
Жылдыз маңдай жадыраган кыздарым,
Карыганда көз катканда көргөмүн.

Бал тилине маашырканып,
Кубанып эркелеймин күн сайын.
Кайта кайта ак жүзүнөн өбөмүн,
Бөпөлөйм бекем кысам кучагыма.
Көгөрөм эркелетип дайым сени,
Тутамын Ала-Тоодой карааныңды,
Кыялымда канат байлап көкөлөймүн.
Каралдым эки кызыма,
Жүрөгүм ысыйт сызыла.
Жыттасам жыпар аңкыган,
Жайлоонун дүйүм гүлүсүң.
Сүйүнтүп жүрөк кубанткан,
Апаңдын батпас күнүмсүң.
Мөмөсүң жапжаш сен жаңы,
Апаңдын болгун ардагы.
Кубат берип жүрөккө,
Тазасын сүрүп өмүрдүн,
Жыргап куунап жүрө көр,
Чоңоюп окуп бой жетип,
Билимдин кенин биле жүр.
Тынч өмүр сүрүп ар дайым,
Талпынып алга жетээрсиң,
Акыйкат күндө төрөлүп,
Келечегиң кең болуп,
Самаган ойго жетээрсиң.
Ар дайым болгун жанымда,
Айдай болгон чырагым,
Сүйлөсө сөздөн бал тамган,
Жан ээриткен ынагым.
Жарыгы тийген жалпыңа,
Жардамы тийген калкыма.
Рахматымды айтамын,
Кайрымдуулук кыргыз салтына.
Өткүр бол кызым курч болгун,
Заманаң жакшы тартынба.
Жетилип өсүп кетээрсиң,
Ар дайым карайт шартыңа.
Жоктон бар кылып жаратып,
Кудайым берген эки кызым,
Маңдайымдагы эки жылдызым.

## РЫСКУЛОВГО КААЛОО

Пейилиң аппак, ууз сүттөй таптаза,
Институтту бүтүрдүң.
Кызыл диплом менен элден башкача,
Эр аттай болуп тың иштеп,
Элге жактың.
Эл албаган сыймыктарды бүт алып,
Кызматыңдан баар таптың.
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Небереңди бактың.
Ырыскыдан үзүлбөсүн үйүңүз,
Ырахатын берсин жашоо күнүңүз,
Уул-кыздан урмат көрүп, сый көрүп,
Эч оорубай узак өмүр сүрүңүз.
Улуу уулун Марс көрүнүктүү банкта иштейт.
Иши боюнча Ак-Талаага апта сайын,
Барып текшерип.
Кемчилигиң түздөйт.
Кичүү балаң Аманбек,
Эми эле окуусун бүтүп,
Аял алып балалуу болот.
Кемтигиң толот,
Саймалуу багың бар.
Салынуу алты комнат тамың бар.
Бул дүйнөдө эмне сонундар болсо,
Бардык жакшылыкты сага каалайм.
Бактылуу жашагыла баарыңар,
Куттуу болсун куттуктайм
Келе жаткан жаңы жылыңар.

## АРЧАГҮЛҮМӨ КААЛОО

Бутактап, жаңы эле өсүп,
Гүлдөп келе жаткан,
Жашыл арчам.
Өмүрдүн алтын булагы,

Тунук суудан ичип кансаң,
Алдымдан тосуп алып ардактап,
Багып аласыңбы барсам.
Арчагүл бир тууганымдын кызы,
Мирлан болсо тун неберем,
Экөөнү кудай кут кылаар кошту,
Бир кыз, бир уулду болушту.
Жашашат ынтымактуу,
Бактылуу болушса экен деп,
Тилеп жүрөм андан башка,
Эмне дээр элем.
Тамымды, үй оокатымды экөөнө,
Белек кылып койгонмун.
Ыймандуу ырыстуу жаштардан болуп,
Орундалсын тилек ойлоруң.

## СИҢДИЛЕРИМЕ

Көкөлөп өскөн чынарым,
Алпештеп багып өстүргөн,
Айланайын чырагым.
Кол жеткис менин мунарым,
Өмүрүмдү улаарым.
Рыскул, Арчагүл, Чолпонум,
Айгеримим, Айперим, Аидам,
Ушулардын тилегин тилеп,
Ар убак аман болсо деп,
Ар дайым тилек кылып турамын.
Алыста жүрсөм сагынып,
Алдымдан чуркап чыгаарым.
Алыстан жайып кучагын,
Ушул сиңдилерим,
Артымдан өсүп келаткан бутактарым.
Баарысы институтту бүтүрдү,
Кызыл диплом менен,
Көрөөр бекен кызматынын үзүрүн.
Айланайын бүчүрүм,
Окууну бүтүрүштү түзүгүн.

## КЫЗДАРЫМА

Таалайлуу болсоң кыздарым,
Тарбия алып мектептен.
Силер жаш, минтип мен кары,
Тагдырың мени эстеткен.

Өткүр бол кызым тартынба,
Эл кайрат сенин шартыңа.
Мен өлсөм жетим болбойсуң
Атакең сенин эл-жериң.

Башыңа кокус иш түшсө,
Ким билет сенин жайың дайныңды.
Башкадан акыл сурабай,
Сен эл-жериңе кайрылгын.

## НУСУПБЕК БАЛАМА

Бармактай чакта баккамын,
Тең көрүп жыргал азабын.
Бул дүйнөдөгү жылдызым,
Келечегим, күчүм, берекем.
Көрбөй калсам сагынам,
Сенин жылдыз кебетең.

Келечегим сен, өмүрүм да сен,
Сени көрбөй кантип турат энекең.
Боорум да сен, балам да сен,
Апаңа ошончолук берет кубат.
Мелтиреп тунуп турган үйдүн ичин,
Шаң бөлөп кубанычтуу күлкү чыгат.

Айбаттуу курчтугуңду мокотпоско,
Душманды достой кылып ала жүргүн.
Эр жигитти эчен залкар сындап өтөт
Элиңе эмгек менен жага билгин.



Небереси Жунус.

## БАЛАМА

Ойгонуп таттуу уйкудан эртең менен,
Булбулдай ширин тили сайрап турат.
Боорума кысып туруп жыттап алсам,
Адамга ошончолук берет кубат.

Мелтиреп тунуп турган үйдүн ичин,
Шаң бөлөп кубанычтуу күлкү чыгат.
Төшүмө башын коюп уктап жатат,
Жолотпой кайгы капа көңүлдү ачат.

Жумушка барайын деп тышка чыксаң,
Илээшип өзүң менен бирге басат.
Мени да ала бар дейт, ээрчип жетип,
Баланын ошончолук көөнү тетик.

Көңүлүң ата-эненин калтырбаса,
Ал бала аман болуп бойго жетип.
Эне-атасын бакпастан таштап салып,
Кээ бир бала көрүнгөндү кетет ээрчип.

Кээ бирөө ууру кылып, ушак сүйлөп,
Дайынсыз арак ичип кетет тентип.
Эстүүсү эне-атасын эсине алат,
Эси жогу тилдеп туруп кетип калат.

Мындай бала терс кыял, тентек келет,
Сөөгүм сыздап ошондо ичим күйөт.
Адамдын жакшылыгын ойлонбостон
Көкүрөгүн көтөрүп басып жүрөт.
Андайлар мектепте да жакшы жүрбөйт.

Түн уйкуну он бөлүп,
Түйшүгүн тарткан баланын.
Жөтөлүп калсаң көтөрүп,
Өткөрдүм түндүн далайын.

Уул-кыздар өскүн татына,
Келечек күтөт алдыда.
Ата-эненин наамына
Жаман сөздү келтирбе.

Алкынтып күлүк мингиле,
Адамдын баркын билгиле.
Атанын сактап намысын,
Атаны сыйлай жүргүлө.

Тушунда күлүк мингиле,
Татына өмүр сүргүлө.
Жаман да болсо ардактап,
Тууганды сыйлай жүргүлө.
Кадырлап күтүп күнүгө,
Ынтымак болсун үйүңдө.

Балам үчүн кыйгым келет өмүрдү,
Баласы үчүн ата өмүрү жеңилби.
Бирок чиркин калтырбаса болду го,
Боор көтөрүп чоңойгондо көңүлдү.

## КЫЗЫМ ОКУГАНДА

Билимдин сулуу мектебин,
Табасың кызым каяктан.
Сактап билим тартибин,
Барып жүр калбай сабактан.

Чынчыл болуп ар дайым,
Түнөгүн алгын билимдин.

Топуракка булгабай,
Тазасын кийгин кийимдин.

Кармагын таза күзгүдөй,
Китеп менен дептерди.
Кунт коюп уккун ар дайым,
Мугалим айткан сөздөрдү.

Жетиге чыгып жаңыдан,
Биринчи классты аттадың.
Урушту кыздар, балдар деп,
Ушак сөздү айтпагын.

## ТУРАРБЕК ИНИМЕ

Караколдо жашаган Аскардын улуу баласы
Турарбек деген иним бар.
Ал шофер болуп Кумтөрдө иштейт.
Карыгандо оорудан жабыр тарткан,
Тууганын издеп мени Караколго алып кетти.
Караколдо үч комнат от жакпаган тамы бар.
Менчик магазини дагы бар,
Эки уул, бир кызы бар.
Кызы жакында институтка өттү.
Эки келин, үч немереси бар,
Бир келинин жаңы алып,
Улуу баласынын баласын,
Отургузуп жакында тойго чакырды.
Аскардын он баласы тең Бишкекте жашайт.
Баары келищти.
Ислам динине берилип,
Турарбек аялы экөө тең намаз окушат.
Тың оокат кылгыла, ичпегиле арак деп,
Турарбек өзү башкарып ушундай,
Катуу койгон талапты.
Баарысы бөтөлкөнү кармабайт,
Оозуна албайт аракты.
Баарыңар колуңардан келсе,
Окугула, там салгыла деп,
Турарбек улуу баласына,
Төрт комнат там салып берди.

Бишкектин өзүнүн,
Турмушу аябай жакшы.
Надырбек да ушул көчөдө жашайт.
Төрт комнат аябай жакшы там салып алган.
Үч баласы тең иштейт.
Кызы университетти бүткөнү калды.
Шеримбек болсо квартирада.
Рафик менчик машинасы бар.
Ажы уулунун бүт балдары
Аскардын балдарына, Абдыластын балдарына,
Турарбек, ата ордуна ата,
Айгүл, эне ордуна эне.
Анткени Турарбек кайрымдуу,
Начарларына берет.
Баардыгын тегиз көрөт.

## КУБАЛАН УУЛУМА


Акылдуу болсо экен баккан балаң,
Ордуңан чыгат анда тилек санааң.
Бирөөнүн тилиңе кирип кетсең,
Баарынан ошол жаман.

Акыл бар эстүүлөрү толуп жатат,
Ардактап ата-энесин жакшы баккан.
Не бир кыйын, кыраакы балдар да көп,
Кысылып кыйналганда акыл тапкан.

Түн уйкуну он бөлүп,
Түйшүгүн тарткан баланын,
Жөтөлүп калсаң көтөрүп,
Төрдө отуруп төшөктө,
Балдарыбызды сүйөлү.

Рахатын көрүп балдардын,
Ыйманыбызды тилейли.
Бактылуу болуп карыганда,
Алдыңа жашооң тынч болсун.
Токчулук берип жалпы элге,
Үйүңө уулум кут консун.

# ВРАЧТАРГА



## АКЫН-ВРАЧ ИСАКБЕКОВ КАРАКОЙЧУГА

Баарын билген жазуучу деп тил карак,
Алдыңызга нечен келдим жол сурап.
Мага айтып беруүдөн бошобой койду колуңуз
Котурларды тырмалап.
Адабият ыр жазсам,
Аягы кетет меселдеп,
Айтып буга үйрөтсөм,
Ич тарлык кылып койдуңуз.
Алдыга өсүп кетет деп,
Адистигиң боюнча,
Аткардың элдин талабын.
Тасырайта кырдырып,
Таздарыңды тарагын.
Кургак сөздү көп кошуп,
Курчуй берсин калемиң.

## ТЕРАПИЯНЫН СЕСТРА ВРАЧТАРЫНА

Дайыма өмүр үчүн күрөш ачып,
Адамга тартуулаган толгон бакыт.
Колуңдун эми түшүп ооругандар,
Аман эсен сакайышсын алкыш айтып.

Өмүрлөр үчүн күрөшкөн,
Боорукер назик мүнөздөн.
Уулдай аппак дилиңер,
Сезимди ачып гүлдөткөн.

Кайгылуу катуу ооруну,
Кайгысынан арылтса.
Калк үчүн иштеп ар дайым,
Кайратыңан таанылса.

Ардактуу Куштар, Ажаркүл,
Калкыңдан чыккан ханыша.

Өпкө жүрөк ооруну,
Илдетинен арылтса.
Эл үчүн иштеп ар дайым,
Эмгеги менен таанылса.
Ардактуу Жыргал, Ажаркүл
Элимден чыккан ханыша.

Каргаша катуу оорудан,
Капилет өлүм кыскарды.
Алкышты айтып коюуга,
Ашыгабыз биз дагы.
Алла Таалага ырахмат,
Жараткан кыргыз кыздарды.
Өстүрүп койду кыргыздар,
Өнөрлүү жазап уул-кызды.
Таалайлуу болуп булар да,
Талыкпастан иштесе,
Бир кезде тагынат эмгек жылдызын.

## ВРАЧ ЧОЛПОНБАЕВА ГҮЛЗУРАГА

Жан айласы врачтарды чакырат,
Аяр келип акыбалды сураса,
Басылгандай боло түшөт азыраак.

Алар үчүн дайым ачык кулачтар,
Неге мынча кымбатсыңар врачтар.
Өзүңөрдү аппак халат сыяктуу,
Сезимдерде силер берген кубатта.

Катуу ооруп кара шайым кеткенде,
Көрбөйм го деп элди-жерди кайрадан.
Капа болуп кара көңүл чөккөндө,
Өмүрлөргө өткөл медик жайнаган.
Кандай адам миң ырахмат дебесин
Кагылайын медиктен миң айланам.

## ВРАЧ АЙТЫГА

Кашында турса наристе,
Кан жүгүрөт жүзүнөн.
Күткөнсүп аны периште,
Күч кошулат күчүңө.

Алпештеп күндө текшерип,
Ден-соолугун карап үзүлө.
Ак тилегин наристеге арнаган,
Ким жетсин анын ишине.

Келечек күнгө талпынып,
Кейисең маңдай сылашкан.
Адамдын анык асылы,
Айлансын жанын врачтан.

Алкышын алып ар убак,
Ааламда пейлиң тазарсын.
Өкүнүч болбой турмушта,
Врачтар узак жашасын.

Аман-эсен төрөтүп эң биринчи,
Наристенин көзүн ачкан.
Ар түрлүү укол жазап колуна,
Наристе менен энени тыныганча баккан.
Акушер менен врачка,
Эли зор алкыш айтса болот.

## СЕСТРА АЙБҮБҮГӨ

Жалын жүрөк комсомолдун жүрөгү,
Сергектик сезимдердин түнөгү.
Сестрабыз сергек келин Айбүбү,
Дешет экен ден-соолуктун өрнөгү.
Арасында медиктердин жамылып,
Ак эмгектен Айбү кыздын өрнөгү.

Ажал деген эч бир тойбос сугалак,
Укол саят ажал отун кубалап.

Кылдат кыймыл илбериңки Айбүнүн,
Кызматына жаш карылар кубанат.

Бекем жутуп турмушуңдун камчысын,
Сен сергитип бөбөктөрдүн канчасын.
Агылгалап алгалай бер Айбүшкан,
Кайрып берип өмүрлөрдүн тамчысын.

## ХИРУРГДАРГА

Абыдан катуу оору менен,
Алпурушуп таң атат.
Кеселин кесип, кан куюп,
Адамды кайра жаратат.

Ак көңүлдү кирдеткен,
Айыгат оору илдеттен.
Сыймыгы элдин хирург,
Сыркоолор сага милдеткер.

## ВРАЧТАРГА

Өмүрлөр үчүн күрөшкөн,
Боорукер, назик мүнөздөн.
Ууздай аппак дилиңер,
Сезимди ачып гүлдөткөн.

Көңүлдү басып кирдеткен,
Айыктык катуу илдеттен.
Эмгегиң үчүн арнаган,
Ыраазыбыз жүрөктөн.

Дайыма өмүр үчүн күрөш ачып,
Адамга тартуулаган толгон бакыт.
Колуңа эми түшүп ооругандар,
Бизге окшоп айыгышсын алкыш айтып.

## ВРАЧ ЭЖЕКЕЛЕРГЕ

Гүлкайырдай гүлдөп турган кезиңизде,
Кайкып учкан ак куу сындуу белеңиз.
Кыз куракты эсиңизге салайын,
Ай эжеке, кандай болгон дебеңиз.

Суналган чач, суйкайган өң, калем каш,
Орто бойлуу кыз элеңиз туурабы.
Улам жылып жаштык узап улгайып,
Улууларда келаткан шарт туурабы.

Ал эмичи,
Сиз эжесиз наристенин жарчысы,
Сиз врачсыз өмүрлөрдүн сакчысы.
Сиз баарына керектүүсүз түбөлүк,
Бир адамдын үйүндөгү бактысы.

## ХИРУРГ АШИРБАЕВ ШАРИП МЕНЕН АЛИЕВ МАХМУДГА КААЛОО

Аширбаев Шарипти,
Алтын колдуу врач деп.
Эл оозунан түшүрбөй,
Айтып келет ырас кеп.

Көңүлдү басып кирдеткен,
Айыгат оору илдеттен.
Эмгегин элге арнаган,
Шарипке ыраазы жүрөктөн.

Кыйналган дарттан арылтып,
Чыгарган элди жарыкка.
Жаратын алып нечендин,
Жардамы тийген карыпка.

Түйүлүп келсе ичеги,
Түйүнүн чечкен заматта.
Үйрүлүп түшкөн үстүнө,
Үзүлүп кетип баратса.

Ахунбаев өңдөнүп,
Булар дагы жарагыдай намыска.
Алтын сыя менен жазылып,
Аттары калса экен тарыхта.

## НАРЫНДЫК ВРАЧТАРГА

Ооруп барып биз жаттык,
Облусубуз Нарынга.
Ак ниет сылык мамиле,
Кары эле эмес баарына.

Операция жасап далайды,
Айыктырган бат эле.
Ырахматыбызды айтабыз,
Смаилова Какенге.

Алдырып катуу ооруга,
Алда кандай болот деп.
Акылымдан адашкам,
Алгач таап дартымды.
Операцияга катышкан,
Ал Токоева Таразкан.

Наркоздон ачсам көзүмдү,
Ак халатчан айланам.
Операция жазап, кан куюп,
Кайрадан мени жараткан.

Кайраттанып калыпмын,
Канатым болсо учканы.
Жалпыңа медик ырахмат,
Жароокер врач кыздары.

## АРПАЧИЕВА КУШТАРГА

Пейилиң аппак ууз сүттөй таптаза,
Сен киргенде жарк дей түшөт палата.
Жаркын мүнөз, тамаша сөз эм болуп,
Күмөн ойлор житип кетет заматта.

Айыгасың бачым эле коркпо деп,
Жылмайгансыйт үстүңдөгү халат да.

Санаа басып сары ооруга жеңдирип,
Оор дартты көтөрө албай телмирип.
Ойго батып үмүт үзүп турганда,
Оттой ысык үмүт бердиң сен келип.
Ийнеңден да, дарыңдан да күчтүүрөөк,
Сылык мүнөз, сыпаа сөзүң дем берип.

Оору чалса бир адамдын денесин,
Эң биринчи сен жардамга келесиң.
Айыккандар ала кетээр бул жерден,
Дартка даба врачтардын элесин.
Өмүрлөргө өткөл болгон медикке,
Кандай адам миң ырахмат дебесин.

* * *

Дайыма өмүр үчүн күрөш ачып,
Адамдарга тартуулаган толгон бакыт.
Пейлиң кенен мээримдүүсүң ар дайым
Оору кетет сенден коркуп алыс качып.

Сенде такыр кабак бүркөө болбойт ко,
Дайым эле күлүп жайнап жүрөсүң.
Көп нерселер күтөт сени алдыда,
Аткара бер мекениңдин мүдөөсүн.

Бүт тилегиң ден соолуктун чырагы,
Суу жетпеген гүлдөй жанды сугаруу.
Акылдашым каарманым врачым
Таланттардын эң тобунда булагың.

## ЖАШ ХИРУРГ ЖЕКШЕНГЕ

Катуу ооруп кара шайым кеткенде,
Жабышып калып ичегим.
Жапаны жаман чеккенде.
Алып барып Нарынга айыктырган,
Ушунча ырахматымды айтамын,
Урматтуу уулум Жекшенге.

# КОШУНАЛАРГА

## АСАНКАН АТА ДҮКӨНҮ

Эмилбеков Асанкандын көчөсүндө жашаймын,
Мүрзөсүн атайын жаркыратып көрүнүп турсун деп,
Көтөрүп койгон атайын.
Китеби жазылып бүттү мыкты,
Балдары болсо жакшы чыкты.
Базарга барган сайын ушу көчөдөн өтөмүн,
Куттуу болсун куттуктайм, Асанкан ата дүкөнүн.
Короо толгон малы бар, мал базары дагы бар.
Эки этаж тамы бар,
Асанкан ал өлгөн жок тирүү.
Ал эң жакшылардын бири.
Ушунун баарын уюштуруп жасаган,
Уулбек да балдары да мыкты.
Жакында эле той берди дүкөнүнө,
Энеси сексенге чыкты,
Асанкандын агагы асманга учту.

## ЖАЛПЫ КОШУНАЛАРГА

Биздин жакшы кошуналар,
Башынан эле ынтымактуу.
Ыймандуу жакшы кошуналар,
Мына ушундай иш кылат.
Жамандыкта жанын таштап жүгүрөт,
Сен күйүнсөң ал да кошо күйүнөт.
Сен сүйүнсөң сенден катуу сүйүнөт.
Кубаныч кайгың тең бөлүшүп жүгүрөт.
Жакшы кошуна жакшы сөзүн айтып туюнтуп,
Келечекти оңдоп акыл кошуп уютуп,
Чечилесиң чын кошуна үйүндө.

Турмуштун түйшүгүн бүт унутуп,
Жакшы кошуна бүтсө керек канымдан.
Куса болом алыс кетсе жанымдан.
Бир-эки апта көрүнбөй калганда,
Буулукkансып ичим бышып камыгам.

## КАМЧЫБЕККЕ

Калп, ушак, урушту такыр билбейт,
Ал эми балдарына акырын сүйлөйт.
Олуттуу жүрөт обу жок күлбөйт,
Отурушта жолдошторуна күлкүлүү сөз айтат.
Чууругандай сөз табат,
Жаны тынбай койду,
Семиртип багам деп,
Куйруктуу койдон тукум алам деп.

## АЯЛДЫН АСЫЛЫ

Эркектей болгон тың аял,
Кытайга нечен жолу каттаган.
Менчик дүкөнү бар,
Ичинде бар кафеси.
Сооданы өзү баштаган,
Ысык тамак ичип турушат,
Ары-бери каттаган.

Айтылат сөздүн жүйөөсү,
Алып берген жаңы жакшы машине.
Ауди айдайт күйөөсү.
Кымбатчылык болсо да,
Үч кызын контракт менен окуткан.

Караңгыда дүкөнгө,
Мастар келсе кокустан.
Эмне кылып жүрөсүң,
Арак алсаң күндүз ал,
Караңгыда келбегин.

Кара жолдо какшыган.
Экинчи келбе бул жерге,
Мен милицияга тапшырам.
Көчөдө мастар колоктойт,
Чатырахан ушинтип мастарды такыр жолотпойт.
Тартарды таяке дейт,
Бөдөнөнү бөлө кылат.
Таякесине барып,
Таяке менин жакшы теңтушум,
Кызматка алсын деп айтат.
Кызматка алды,
Иштеп атат ушул тапта,
Ал эки теңтушу тең кызматта.

Жанында бар колдоосу,
Айткан сөзү эм болуп,
Чатырахан ургаачынын жолборсу.

Мурун төрт кызы бар эле,
Эркек баласы жок эле.
Айыл апасы жакшы санаалаш,
Теңтуштары кары картаң апалары бата берип,
Качыбек менен Чатырахан
Эркек балалуу болсо экен деп тиледик
Тилекти берип кудайым,
Бир эркек бала берди түбөлүк.
Аман болсун уул кыздары,
Чатырахан ургаачынын сырттаны жана кутманы.

Булгаары кылып териңди,
Мырза кылып эриңди.
Ушунча элди колго алган,
Көрбөдүм сендей келинди.

Адамга кылса жакшылык
Элге тиет таасири.
Бир кишинин башына,
Жамандык жакшылык иши түшсө,
Ал иш аягына жете бүткөнчө,
Тикеси менен тик турат,
Чатырахан аялдардын асылы.

## ЭЛЕКТРИК МОЛДОШАРИПОВ БАКЫГА

Электрдин зымы үзүлбөсүн жаркырап,
Элим жакшы жашасын.
Көрүнүп турсун чар тарап,
Светибиз бузулса дароо эле,
Бакыга барабыз.
Түз эле оңдоп берет,
Светибиз күйүп жыргап калабыз.

Аялы Айна больницада,
Кассир болуп иштейт.
Көпчүлүккө бир тыйын кемитпей,
Акчасын толук берет,
Бардык ишке так колунан баары келет.

Ата-теги жакшы жердин кызы эмеспи,
Үйүнө киши кирсе сыйлай билет.
Таанылбаса да тааныса да,
Баардыгына көзү жеткен каныша.

## АКЗЫЙНАТ

Мени менен бирге иштеген Акзыйнат,
Көчүп келди жаныма.
Алган жары мугалим,
Оратор экен акылмандык сөздү сүйлөгөн.

Темирге кошпойт калайды,
Жаштарга билим үйрөткөн мугалим,
Мугалим билет далайды.

Караңгыда катуу оору келсе качпаган,
Акзыйнат болсо медсестра,
Адамдын өмүрүн сактаган.

## КАРМЫШ КОШУНАМА КААЛОО

Эл башы журт башы илгертен,
Илгертен актив болуп
Кармыш менин кошунам.
Кайрымдуу экен башынан
Аяшы келсе кой союп,
Айыл апасы бүт тоёт.
Каникулда балдары келсе короодон тандап,
Кой союп кошуналары бүт тоёт.
Ак калпак киет желдеңдеп,
Айылда жакыр көрүнсө,
Абыдан буга бергин деп.

Көк калпак кийсе желдеңдеп,
Көчөдө жакыр көрүнсө,
Көбүрөөк буга бергин деп.
Аялы болсо мугалим,
Пенсияда үйүндө.
Кошуналарын чакырып,
Сыйлап турат күнүгө.

Кымбатчылык болсо да,
Ал баласын калтырбай,
Контракт менен институтту бүтүргөн.
Кармыш менен Турсун,
Он баланы ардактап,
Баккан эне-атасы.
Ушундай бактылуу үй-бүлө,
Кантип болсун капасы.

Төрт уул, үч кызын,
Небак эле үйлөнткөн.
Ошол төрт баланын балдары,
Үч кыздын балдары,
Каникулга келишти.
Таятасы кубанып кой союп беришти.

Кетээрде биздин ата-энебиз,
Алып кет деп күтүштү.

Жети үйдүн балдары,
Жыргап ойноп күлүштү.
Ага жете айран ичип каймак жеп,
Жыргап ойноп күлүштү.

## ЖАКШЫЛЫККА

Машинанын дөңгөлөгүнүн камерасын жамап,
Бузулган самоорду оңдоп чоргосун салат.
Саат радио бузулган идиштерди,
Баарын оңдоп, жасап эмнеси бузулса баары,
Жакшылыкка барат.
Колунан баары келет,
Барган кишинин оокаттарын бүтөп берет.

## ЖУСУПБЕКТИН ЭНЕСИНЕ

Жүз баштуу аппак боз үйү,
Ар дайым жайлоодо тигилген.
Барлык менен жашаган,
Барчаны кийип түрүнөн.
Арпаны көздөй жөнөөрдө,
Аргымак минип жөнөгөн.
Аргымактын жалына,
Алтындан бешик өңөргөн.
Ардактап баккан балдарын,
Мына ушинтип төрөгөн.
Күзүндө элге келерде,
Күлүктү минип жөнөгөн.
Күлүгүнүн жалына,
Күмүштөн бешик өңөргөн.
Күлпөттөп баккан балдарын,
Мына ушинтип төрөгөн.
Келин-уул кыз далайлар,
Кийими далай тигилген.
Кыйналбай жакшы жашадың,
Кымкаптын кийип түрүнөн.

Бардык адамды бирдей көрчү,
Байбиченин торусу.
Кадырыңды эстейбиз,
Калкымдын умай энеси.
Акылы артык жеңемдин,
Балдардын төрөсү.
Эмгегиңди эстейбиз,
Элимдин умай энеси.
Зыйнатыңа илинген,
Уул-келин, кыздарың,
Кызматын кылып жүгүргөн.
Манастын тоюн өткөрүп,
Ошондон нуска алышкан.
Жакшыны көрүп нуска алып,
Калса керек такшалып,
Узатарда умай энесин,
65 үйгө конок киргизип,
2 миң киши келсе да келини,
Өзү эле койду башкарып.
Айылы менен май чайнап,
Ушуга чейин бай болду.
Жегени аппак май болуп,
Акылдуу өсүп балдары.
Ар жерге чаккан шам чырак,
Алыскы шаарда кыздары.
Аябагандай тың турат,
Кудайым берген күч кубат,
Баарысы бирдей жетиштүү,
Чоң кызматта иштешет.
Уй фермер болуп нечен жыл,
Үзүлбөй үйдөн бал каймак,
Көпчүлүк кыйын чогулду,
Көкөтөйдүн ашындай,
Ат-Башы, Нарын, Фрунзе,
Аягы көпкө басылбай,
Умай энени узатуу.
Манастын болду ашындай.
Самолёт болуп учканы,
Шаарга алып барып кыздары,
Ардактап жакшы багышкан.

Алтындан сөйкө тагышкан.
Салынган сонун тамдары,
Шаарга алып барып балдары,
Күмүштөн сөйкө тагышкан.
Күлпөттөп жакшы багышкан.
Балдарынын барып үйүнө,
Бактылуу болуп сүйүнө,
Бактылуу болгун баарың деп,
Батасын берчү күнүгө.
Кызынын барып үйүнө,
Кызыгып күндө сүйүнө,
Таалайлуу болгун баарың деп,
Батасын берчү күнүгө.

Акылдуу өсүп Асеги,
Атасынан жаш калып,
Жеринен ал да жетекчи.
Бир мекеме башкарып,
Аралашып көргөндү айтууга,
Анын сөзү туура.
Сактаган адам өмүрүн,
Төрт келини медсестра.

## МАЙРАШКА

Төркүнү жакшы,
Тектүү жердин кызы.
Карылардын пенсиясын,
Өкмөттүн кош дегенин кошуп,
Кечиктирбей берип турат.
Кызматы ушу,
Жакшы жумуштардан,
Иштеп келе жатат акыры.
Үйүнүн куту, ырысы,
Аялсыз болбойт турмуш,
Майраш аялдардын асылы.
Майраш үй-бүлөсүнүн,
Алган жары, балдары.
Келиндеринин ырысы,
Күйүп турган жылдызы.

## АРДАКТУУ ЭНЕ-АТАНЫН УУЛ-КЫЗЫ

Мурунку союз кезинде,
Моют менин таякем,
Бульдозер айдап жаркылдап,
Кадырлуу болуп көп элге,
Турганы менин эсимде.
Ошол кезде өзү менен бирге иштеп,
Байдын баласы Макил менен,
Ат алышып, ат беришип дос болгон.
Аялдары дагы жаш, бир үйдөн ичип жеп,
Ойноп күлүп далай жылы жыргаган.
Ошол жакшы күндөрдүн биринде,
Моют таяке сөз баштады.
Эгер мен кыздуу болсом,
Сага келин кылып берем.
Эгер сен кыздуу болсоң,
Мага келин кылып бересиң.
Кудай айткандай эле ошол жылы,
Моют эркек балалуу болду.
Макил кыздуу болду.
Макилдин кызы тал чыбыктай буралган,
Татынакай сулуу кыз болду.
Моюттун баласы керилген,
Келбеттүү жигит болду.
Кубанышкан ата-энелер,
Кудай деп кучакташып куда болушту.
Бактылуу чоң үй-бүлө болсун деп,
Экөөнү баш коштуруп коюшту.

Бактыгул менен Гүлбүбү,
Энесинен тарбия алган экөө тең,
Эс акылдуу ыймандуу чоң үй-бүлө болушту.
Ардактуу жакшы ата-эненин уул-кызы,
Эки үйдү жарык кылган,
Жанып турган жылдызы.
Абдан жакшы турмушу,
Эки эркек төрт кыздуу болгон.
Эки кызы институтту бүткөн.
Иштеп жатышат,
Бактыгул РЭСте иштейт.

Гүлбүбү жаңы пенсияга чыкты.
Жети комнат тамы бар,
Короо толгон малы бар.
Менчик дүкөнү бар жанында.
Машинасы дагы бар,
Жер айдайт жылда.
Тонналап буудай алат.
Колунан көөрү төгүлгөн аял.
Бир жылда үчтөн шырдак жасайт,
Сатканын сатат, сатпаганын салат.
Төрт бүктөп кайын энесинин алдына,
Көлдөлөңүн салат,
Кайын энесин алаканына салып,
Ардактап багат.

## ЫРЫСААЛЫГА

Мисалы кээ бирөөнүн,
Аялы кайтыш болсо,
Тез эле жүдөп, ичип, тынчы жок,
Жашап калат акыры.
Ал эми биздин Ырысаалы,
Кирпигине кир жугузбайт,
Ак жака таза болуп,
Карылык сынын бузбайт.
Шаардагы кызы келип,
Кир-кечесин жууп,
Жардамын берип тыңытып кетет.
Эки баласы ыймандуу ырыстуу,
Балдар болуп чоңойду.
Атасын барктап жакшы багат.

## МАЙРАМБЕККЕ КААЛОО

Майрамбектин мончосу,
Күнүгө жагат мончосун.
Адамдын кири кетсин деп,
Ысык таза мончо деп,
Элдин баары келишет.

Ушул мончого барсак деп,
Кубанып мончого келишет.
Мончодон чыккандан кийин,
Муздак лимонад беришет.

Жети комнат тамы бар,
Машинасы дагы бар.
Бир кыз төрт эркеги бар,
Короодо толгон малы бар.

Быйыл кызы, уулу институтка өттү,
Үч баласы мектепте окуйт.
Абдан байкап иш кылат,
Аябагандай тың турат.

Асманда булут жылбайбы,
Ак буудай алтын турбайбы.
Жер айдаганга алыбыз келбесе,
Азыраак кептен сурайлы.

Аялы назик созулган,
Айттырбай билет оюнду,
Адамдын чыга электе оозунан.

## МЕНИН ДАГЫ БИР ЖАКШЫ КОШУНАМ

Саламы түшпөйт оозунан,
Ак жибектей созулган.
Ардактуу балам Аманым,
Ары бери өткөндө,
Абалың кандай,
Апа жакшы болуп калдыңбы деп,
Үзбөй айтат саламын.

Балдардын баары ушундай болсо деп,
Ичимден ойлоп каламын.
Өзүм ооруп турсам да,
Баламдын угуп саламын,
Ачылып калат кабагым.

## МАЗМУНУ

стр

Талант бул – кудайдын берген белеги ........ 3
Орошон талант – оргуган булак ........ 4
Тиленем элдин бактысын ........ 5
Карылык ........ 5
Жаштык кез ........ 7
Мен ооруп больницага жатканда ........ 7
Соң-Көлгө фельдшер болуп барганда ........ 8
Чыңгыз Айтматовду эскерүү ........ 10
Кошок ........ 12

**Ар кыл темадагы ырлар**
Ак нан ........ 16
Ак буудай ........ 16
Жигит менен кыздын сүйүүсү ........ 17
Жигит менен кыздын таанышканы ........ 17
Кассирлерге ........ 26
Ак-Талаа ........ 27
60-жылдыкка карата ........ 28
Ички кайрык ........ 29
Бакирдин чымын ........ 30
Баарыбыз өтөбүз бул дүйнөдөн ........ 30
Арпа жайлоо ........ 31
Улуу Октябрь майрамы ........ 32
Жылкычы кыз Канымжан ........ 33
Мекеним ........ 36
Табигаттын даарысы ........ 37
Согуштун 60 жылдыгына карата ........ 38
Чабандарга ........ 39
Каракойчу 50 жашка чыкканда ........ 40
Сатира ........ 40
Ушакчыларга ........ 40
Жаз айы ........ 41
Сүйүү элестери ........ 42
Пайгамбарды эскерүү ........ 46
Эгемендик майрамына каалоо ........ 49

Мугалимдерге .... 50
Туулган жерим .... 51
Төркүндөрдүн тоюна арнагам .... 51
Тийип турду мээрими .... 52
Жаңы жылга каалоо .... 52
«Колхоз эмгеги» газетасынын 50-жылдыгына арноо .... 53
Лениндин портрети кызымдыкы .... 54
Врачтарга .... 54
Арман .... 55
Орто-Сыртка сестра болуп барганда .... 55
Эки акынга .... 57
Ыраазымын партияга .... 60
Кудайдан суранам .... 61
Ак бата берүү .... 62

**Ата-эне**
Атам Чалик уулу Ажымудун мергенчи болчу .... 64
Атам жылкычы болгон .... 70
Атам болгону колхозчу .... 73
Апама .... 74
Апакем .... 74

**Атактуу адамдарга**
Кулматов Алмаз Окиновичке .... 78
Ак батамды арнаймын .... 80
Баетов Мусага .... 81
Мусуралиева Бакыйга .... 82
Шүкүрбек Бейшеналиевге .... 83
Ажиев Дербишканга .... 83
Жалил Сыдыков иниме .... 84
Дөлөев Өмүрбекке каалоо .... 86
Карасартов Сагынбек Исаковичке .... 87
Берикбаев Дөөлөтбекке каалоо .... 89
Оторов Табриске .... 90

**Туугандарга**
Аскардын улуу кызы Чолпон .... 93
Кыздарыма .... 94
Рыскуловго каалоо .... 98
Арчагүлүмө каалоо .... 98
Сиңдилериме .... 99
Кыздарыма .... 100
Нусупбек балама .... 100
Балама .... 101

Кызым окуганда ........ 102
Турарбек иниме ........ 103
Кубалан уулума ........ 104

**Врачтарга**
Акын-врач Исакбеков Каракойчуга ........ 106
Терепиянын сестра врачтарына ........ 106
Врач Чолпонбаева Гүлзурага ........ 107
Врач Айтыга ........ 108
Сестра Айбубүгө ........ 108
Хирургдарга ........ 109
Врачтарга ........ 109
Врач эжекелерге ........ 110
Хирург Аширбаев Шарип менен
Алиев Махмудга каалоо ........ 110
Нарындык врачтарга ........ 111
Арпачиева Куштарга ........ 111
Жаш хирург Жекшенге ........ 112

**Кошуналарга**
Асанкан ата дүкөнү ........ 114
Жалпы кошуналарга ........ 114
Камчыбекке ........ 115
Аялдын асылы ........ 115
Электрик Молдошарипов Бакыга ........ 117
Акзинат ........ 117
Кармыш кошунама каалоо ........ 118
Жакшылыкка ........ 119
Жусупбектин энесине ........ 119
Майрашка ........ 121
Ардактуу эне-атанын уул-кызы ........ 122
Ырысаалыга ........ 123
Майрамбекке каалоо ........ 123
Менин дагы бир жакшы кошунам ........ 124

*Адабий-көркөм басылма*

**АЖЫМҮДҮНОВА АЛТЫНКАЗ**

# МЕЗГИЛ ЗАКЫМДАРЫ

*Ырлар*

Жооптуу редактору *Жалил Сыдыков*
Корректору *Рапия Сакелова*
Сүрөт редактору *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Гулзат Ниязалиева*

Терүүгө 28.04.2009-ж. берилди. Басууга 20.05.2009-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84x108 $^{1}/_{32}$. Мектеп ариби.
8,0 физ. басма табак. Нускасы 100. Заказ № 250.

«Бийиктик» басмасы.
Ю.Абдрахманов көчөсү, 170 А.
Тел.: 66-75-58.